Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG Шейшемби, 2022-жылдын 24-майы №46 (3381)

ЭКИ ЭЛ КУШТУН ЭКИ КАНАТЫНДАЙ ЭРИШ-АРКАК

Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев 26-майда Кыргыз Республикасына расмий иш сапары менен келет.
Иш сапардын алкагында Президент Садыр Жапаров менен эки тараптуу сүйлөшүүлөр болуп, кызматташтыктын актуалдуу маселелери талкууланат.

САЛАМАТТЫКТА САК БОЛОЛУ

Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан атайын комиссия түзүлүп, өлкө боюнча жеке менчик медициналык мекемелердин, дарыканалардын лицензия талаптарына шайкеш келишине текшерүү жүргүзүлдү. Текшерүүнүн жыйынтыгында лицензиясы жок, уруксатсыз ишмердүүлүк жүргүзгөн, дарактери лицензия менен дал келбеген бир топ фактылар аныкталган. Анын негизинде 111 менчик медициналык мекемелердин ишмердүүлүгүн токтотуу боюнча актылар түзүлгөн. Андан тышкары инфекциялык көзөмөл стандарттары сакталбаган 148 менчик медициналык кабинеттер менен клиникалар аныкталып, 84 дарыкана уруксат документтери жок иштеп жатканы аныкталган. Буга чейин аталган комиссия өлкөдөгү медициналык жогорку окуу жайлардын материалдык-техникалык жана клиникалык базасын текшерип, алардын айрымдарынын лицензиясын жокко чыгаруу боюнча Билим берүү жана илим министрлигине сунуштама жиберген. Жогоруда мыйзам бузган медициналык мекемелердин жетекчилерине билдирмелер берилген. Андан кийин мыйзамдык чараларды колдонуп, айып пул салуу үчүн мамлекеттик эпидемиологиялык көзөмөл борборуна маалыматтар берилет.

ЫСЫК-КӨЛДҮН УКМУШТУУДАЙ КООЗДУГУ

Орусиялык космонавт Олег Артемьев өзүнүн телеграм-каналына Ысык-Көлдүн космостон тартылган видеосун жайгаштырды. Анда ал Ысык-Көлдүн укмуштуудай кооздугун белгилеген.

Сабырбек Түгөлбай уулу:

“Атамдын керээзи аткарылбай калды”

3-БЕТТЕ

Жаратылыштын жазылбаган мыйзамдары

7-БЕТТЕ

Шайыр КАСЫМАЛИЕВА:

“Керемет кез көз алдыман өттү...”

16-БЕТТЕ

КУТТУКТОО

Болгария Республикасынын Президенти Румен Радев Мамлекет башчысы Садыр Жапаровду Болгария Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгына байланыштуу куттуктады.

Анда “Ушул салтанаттуу күнү мен кыргыз элине гүлдөп-өнүгүүнү жана элдерибиздин, мамлекеттерибиздин ортосундагы байланыштардын өз ара пайдалуу өнүгүшүн кааларымды билдиргениме кубанычтамын. Сизге чың ден соолук жана жогорку жоопкерчиликтүү ишмердүүлүгүңүздө ийгиликтерди каалап, менин эң жогорку урматсыйымды кабыл алыңыз”, - деп айтылат.

ЖЕЭК ЖЫЙЫНЫ ӨТӨТ

КРнын Президентинин, Жогорку Евразиялык экономикалык кеңештин төрагасы (ЖЕЭК) Садыр Жапаровдун төрагалыгы астында 27-майда ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин лидерлеринин катышуусунда видеоконференция форматында ЖЕЭКтин кезектеги жыйыны өтөт.

Күн тартибинде 14 маселени талкуулоо пландаштырылган. Ага Беларустун, Казакстандын, Россиянын Президенттери, Армениянын Премьер-министри жана Байкоочу өлкөлөрдүн лидерлери катары Өзбекстандын, Кубанын президенттери катышат.

КЫРДААЛ КӨЗӨМӨЛДӨ

ЖМКда кеңири тараган Кыргыз Республикасынын жашы жете элек жаранынын тууганы тарабынан сабалышы боюнча факты КРнын Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Асел Чынбаеванын көзөмөлүндө.

КРнын Россиядагы Элчилигинин кызматкерлери, КРнын ИИМинин Россиядагы өкүлдөрү кыргыз диаспорасынын активисттери менен бирге 2022-жылдын 22-апрелинде жашы жете элек өспүрүмдүн жашаган жерине барышкан. Учурда ата-энеси менен макулдашып, жашы жете элек кызды Кыргызстанга жөнөтүүгө документтер даярдалууда. Бул факты боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар менен иш жүрүүдө.

ӨКМӨТ БАШЧЫЛАРДЫН ЖЫЙЫНЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин өкмөт башчылар кеңешинин жыйынына катышты.

Ал КМШ өлкөлөрүнүн энергетикалык коопсуздугуна байланыштуу жана башка бир топ маселелерге токтолду. Жыйынтыгында күн тартибине киргизилген бардык маселелер каралып, 10 документ кабыл алынды. Ошондой эле 2026-жылга чейинки мезгилде айыл чарба багытындагы жаныбарларды көбөйтүүдө генетикалык материалдын биологиялык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча биргелешкен иш-чаралардын комплексин, 2030-жылга чейинки мезгилге Маалыматтык коопсуздук стратегиясын ишке ашыруу боюнча биринчи кезектеги чаралардын планын бекитишти.

МАКУЛДАШУУЛАР

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров менен Өзбекстандын Премьер-министри Абдулла Арипов телефон аркылуу сүйлөшүп, гуманитардык, соода-экономикалык тармактарда эки тараптуу кызматташуу маселелери талкууланды. Тараптар өлкөлөр ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү, товар жүгүртүүнү жогорулатуу максатында жогорку деңгээлде жетишилген макулдашууларды ишке ашырууга даяр экенин белгилешти.

REST POINT ЭС АЛУУ ЖАЙЛАРЫ КУРУЛАТ

Министрлер Кабинетинин жыйынында Акылбек Жапаров туристтик маршруттарда эс алуу жайларын (rest point) куруу үчүн жер бөлүп берүүнү тапшырды.

Мындай эс алуу пункту туристтер жана саякатчылар үчүн эс алуу, маалымат алуу жана гаджеттерин кубаттоо мүмкүнчүлүгү болуп саналат. Бул жерде террасадан кофе ичип же душка түшсө болот. Ар бир rest point туристтерге керектүү бардык маалыматты, маршруттар, кооз аймактар, эс алуу зоналары жана жакын жердеги кызыктуу жерлерди камтыган туристтик интерактивдүү дисплей болот. Бардык эс алуучу жайларда душ жана ажаткана, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн да шарттар каралган. Атайын жабдылган намазкана, чакан кофе ичүүчү жай, күркө жана кубаттоо пункттары бар. Rest point жыл бою иштейт. Аларды жылытуу жана ысык суу үчүн күн коллекторлору орнотулат, канализациясы жок жерлерде автономдуу тазалоочу курулуштар курулат. А.Жапаров 1-этапта 22 эс алуу жайын курууга жер бөлүп берүүнү тапшырып, бул маселе акыркы 30 жылдан бери чечилбей келгенин белгиледи.

ЭДИЛ БАЙСАЛОВ ОШТО

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов иш сапары менен Ош шаарында болду.

Ал мектептердин бүтүрүүчүлөрү менен жолугушуп, өлкө жетекчилиги тарабынан билим берүү тармагында жүргүзүлүп жаткан иштер, жогорку окуу жайдан күтүлүп жаткан натыйжа жана атаандаштыктын артыкчылыктары тууралуу айтып, студенттердин суроолоруна жооп берди. Андан сырткары Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде, Кыргыз-Өзбек университетинде, №16 кесиптик лицейде жолугушууларды өткөрүп, Ош шаардык клиникалык ооруканасында да болду. Ош шаарында биринчи жолу өтүп жаткан бел боо күрөшү боюнча эркектер жана кызкелиндер арасындагы «Алыш» Азия чемпионатынын ачылышына катышты. Турнирге дүйнөнүн 11 өлкөсүнөн 300гө жакын спортчу катышууда. Бул мелдештер күзүндө Түркиянын Изник шаарында өтө турган IV Дүйнөлүк оюндарына тандоонун экинчи этабы болуп саналат.

“АЙЫЛ ЧАРБАСЫН КАРЖЫЛОО – 10” ДОЛБООРУ

“Айыл чарбасын каржылоо – 10” долбоорун ишке ашыруунун алкагында бүгүнкү күндө жалпысынан 3 млрд 396,5 млн сомго 6 миң 746 насыя таратылды.

Анын ичинен 5557 насыя күрөөсү менен жалпы 3 млрд 155,1 млн сомго, ал эми 241,4 млн сомдук 1189 насыя күрөөсүз берилген. Айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү багытында күрөө коюлган шартта 868,8 млн сом суммасында 1840 насыя, 128,7 млн сомго күрөөсүз 640 насыя берилди. Мал чарбасын өнүктүрүүгө күрөө менен 1 млрд 881,6 млн сомдук 3572, күрөөсүз 112,6 млн сомго 549 насыя берилген. Айыл чарбасынын кайра иштетүү чөйрөсүн өнүктүрүү жана кызмат көрсөтүү үчүн күрөөлүк негизде 404,6 млн сом суммасында 145 насыя таратылган.

АКЫ ТӨЛӨӨ ЖАНА УРУКСАТТЫ КАТТОО ТАРТИБИ БЕКИТИЛДИ

Автотранспорт каражаттарынын алдыңкы каптал айнектерин күңүрттөө үчүн акы төлөө жана уруксатты каттоо тартиби бекитилди. Бул чечимге Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров кол койду.

Ошондой эле, КРнын ИИМинин “Унаа” мамлекеттик мекемеси автотранспорт каражаттарынын алдыңкы эшиктеринин каптал айнектерин караңгылатууга уруксатты тариздөө боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп дайындалды.

Автотранспорт каражаттарынын алдыңкы каптал айнектерин караңгылатуу үчүн акы төлөөнүн жана уруксатты тариздөөнүн тартибине ылайык, транспорт каражаттарынын алдыңкы каптал айнектерин караңгылатууга уруксат үчүн жыйым төмөнкүдөй өлчөмдөрдө алынат:

- резидент-жеке адамдар үчүн 800 эсептик көрсөткүч;
- юридикалык жактар үчүн 1000 эсептелген көрсөткүч;
- резидент эместер үчүн 1200 эсептешүү көрсөткүчү.

Автотранспорт каражаттарынын алдыңкы каптал айнектерин караңгылатууга уруксат үчүн төлөм накталай акча каражаттарын салуу же республикалык бюджетке которуу жолу менен жүргүзүлөт. Уруксат 1 жылдык мөөнөткө берилет, эгерде менчик ээси уруксаттын мөөнөтү аяктаганга чейин колдонуудан баш тартса, төлөнгөн жыйым уруксатты пайдалануу мөөнөтүнө карабастан кайтарылбайт. Жүргүнчүлөрдү ташыган жеңил унаалардан (таксиден) башка М-1 категориясындагы транспорт каражаттарын караңгылатууга уруксат берилет. Ошондой эле, транспорт каражаттарынын алдыңкы эшиктеринин каптал айнектерин караңгылатууда арыз ээсинин каалоосу боюнча жарык өткөрүү коэффицентине чектөөсүз жол берилет.

Даярдаган
Жазгүл КАРБОСОВА

Түгөлбай Сыдыкбековго 110 жыл

Сабырбек ТҮГӨЛБАЙ уулу:

“БИЗДИ ЭЧ КИМ КОЛДОБОЙ, АТАМДЫН КЕРЭЭЗИ АТКАРЫЛБАЙ КАЛДЫ”

Быйыл Кыргыз эл жазуучусу, академик Түгөлбай Сыдыкбековдун 110 жылдыгы белгиленүүдө. Улуу жазуучу менен кимдер гана сыймыктанбайт. Кыргыздын алп жазуучусу Түгөлбай атабыз өз чыгармалары менен түбөлүккө коомчулуктун жүрөгүндө жашай берет. Анткен менен бул инсандын жашоодо кандай адам болгону баарыбыз үчүн кызык. Андыктан Түгөлбай атанын үйүнүн босогосун аттап, кичүү уулу Сабырбек агай менен баарлашып кайттык.

“АТАМДЫН БОЮ 178 СМ, САЛМАГЫ ЖҮЗДӨН АШЧУ”

- Мен 1947-жылы туулгам. Биз үч уул, бир кыз, төрт бир туугандыз. Мен уулдардын кичүүсү, көкүрөк күчүгү болгондуктанбы атама жакын элем. Табиятымдан жоош болуп, атамдын какыс-кукусуна кабылган жокмун. Бирок, эки-үч жолу чектен чыкканымда атамдын кулагымды толгоп жазалаганы эсимде. Бизден өзгөчө Арстанбек байкем тентек болчу. Ал эми тентек баланы тартипке салуу үчүн таяктагандан башка жол жок да. Ошондуктан, айрым учурларда байкелерим атамдын таягын жешчү. Көп адамдар менен жолукканда көпчүлүгү мени атама окшоштурушат. Бирок, мен атамдан сөөк жагынан кичинемин. Атамдын бою 178 см, салмагы жүздөн ашчу. Ал эми менин боюм 174 см, салмагым жүзгө жетпейт. Турмушта ак-кара бирге жүрөт экен. Учурда ата-энемдин, бир туугандарымдын көздөрү өтүп кетип жалгыз калдым. Ата-энемден кийин алгач карындашым, анан Аскар байкем, андан соң Арстанбек байкем каза болду. Ошентсе да өмүр өтүп жатат. Менин эки уулум бар. Улуусу – Чоро, кесиби архитектор, Голландияда иштейт. Кичүү уулум Эржан да Канада мамлекетине иштеп кеткен.

“ДИАЛОГДОРУН ҮНҮН КАТУУ-КАТУУ ЧЫГАРЫП ОКУП АЛЧУ”

- Атам калпты жек көрчү. Айтканын аткарбаган адамды жактырчу эмес. Көрө албастык, көз артуу деген атамда жок эле. Ушул биз олтурган кабинет атамдыкы болчу. Атам күндө эртең менен эрте туруп түшкө чейин бул креслого олтуруп алып тиги машинкасын тарсылдатып иштей эле бергү. Түштө тамактанып алып текстерин редакциялап, эртең менен баскан текстин, өзгөчө диалогдорун үнүн катуу-катуу чыгарып окуп алчу. Андан соң короого чыгып, бак-даректарды кыйыштырып, бак олтургузуп жүрө бергү. Антип иш жасап жүргөндө албетте биз да жардам бергүбүз. Ал эми атам биздин сабактарыбызга каралашып, жардам бергү эмес. Себеби, атам жалаң эле чыгармалары менен алышчу. Тынчтыкты каалачу. Кайда жүрбөсүн чыгармасын гана ойлочу. Мен да кээде ыр жаза калгандыктан, чыгарма жараткан адамга тынчтык керек экенин билем. Чыгарма жазып жатканда бирөө алаксытса чыгарма жаза албайсың. Атам ошондуктан майдачүйдө нерселерге аралашчу эмес окшойт. Атам бизге сабактарыбызга жардам бербегени менен башка жагынан өзү бизге үлгү болду. Ал кишинин жанында жүрүп эле сабак алчубуз. Кыргыз уулу кандай болуш керектигин атамдын элесин эстегенде түшүнөм.

“СЮЖЕТТЕРДИ КАРАПАЙЫМ ЭЛДЕН АЛСАМ ДЕЧҮ”

- Атамды ээрчип айылдарга көп бардым. Айыл эли атамды кадырбарктап, сыймыктанып тосуп алчу. Көбүнчө атам чыгармаларындагы сюжеттерди карапайым элден алсам, маалымат топтосом деп барчу. Ал эми биз балабыз да. Too-таш, суунун боюнда чуркап ойногонго эле куштар элек. Азыр мен 75 жаштамын. Кичинемден шаарда өссөм дагы учурда айылдагы карыяларга жүрөгүм тартып, атамдай болгон карыяларды кадимкидей сагынам. Ошол убакта атамда да ушундай сезимдер болсо керек деп калам.

“ЧЫГАРМАЧЫЛЫККА ЖАКЫНДАСАМ КУБАНДЫ”

- Кичинемден чийүү жагына жакын болгондуктан ЖОЖду Ленинградда окуп, архитектор болдум. 1990-жылы атам ооруй баштаганда 48 жашымда орусча ырларды жаза баштадым. Үч жыл ыр жаздым. Ырларымдан атама окуп берсем “ыр жазганды мурдараак баштасаң, азыр бир нече ырлар жыйнагыңды чыгармаксың” деп калчу. Анткен менен чыгармачылыкка жакындап жатканыма кубанды. Бир жолу Ч.Айтматов үйгө келди. Атам “Чыке, менин кичүү уулум ыр жаза баштады. Угуп көрчү. Сабыр, кана бир ырынды окуп берчи” деди. Ал глобалист экенин билип, өтө узун эмес ырымды окуп берсем, Чыкем “Отвращение, отвращение” дегени жакты деп мактап алды. Ошондо да атамдын кубанганына күбө болгом. Атам акындарга жолукканда “силер жазган ырларды мен эс алып олтурганда эле жазып коём” деп тамашалап калчу. Баса, атам көргөн түшүн да жазып койчу. Атамдын дагы да планы көп эле...

“АТАМ АПАМДЫ АБДАН ЖАКШЫ КӨРЧҮ ЭКЕН...”

- Апам Асылгүл, атамдан 9 жаш кичүү эле. Ал ак сөөк кыргыздардын тукумунан солто уруусунан болгон. Байтикке кетип баратканда оң капталда Өзбек байдын күмбөзү бар. Ошол Өзбек бай апамдын чоң аталары болгон экен. Илгери өкмөт байларды кулакка тартып, алардын балдары башка ысым менен жөнөкөй элге жазылып, ошентип апам да карапайым элдин кызы болуп калган. Бирок, өңкелбетинен ак сөөктүн кызы экени билинип турчу. Өзү ак сөөктүн тукумунан болсо да жоош, адамгерчиликтүү, сулуу жан эле. Апам финансы техникумунда окуп, бирок атама турмушка чыккандан кийин окуусун аяктабай калса керек. Атам анда кургак учук менен ооруп, согушка да барбай калган. Апам атамды, андан кийин балдарын багып, турмуштары улана берген. Кийин апам 63 жашында каза болду. Өтүндө таш бар экен. Корксо керек, убагында операция жасатпай жүрө берген. Аягында кыйналып операцияга берип, операциядан жакшы чыккан. Атамдын “апаңардын өтүнөн мынча таш чыкты. Буюрса эми жакшы болот” деп таштарды көтөрүп келгени эсимде. 2-күнү апамды жакшы деп жатсак эле ооруканадан көз жумду. Атам апамдан 72 жашында калды. Экинчи никелүү да болгон жок. Бул маселени биз да, сырттагылар да көтөрүп “кары адамды караганга бирөө керек” дедик. Бир жолу уктаар алдында ата, элдин баары эле ушул маселени сөз кылып жатат. Чындап эле өзүңүзгө бир кемпир таппайсызбы? дедим. “Болбойт!” деди. Эмнеге болбойт? десем. “Болбойт. Өзүң ойлочу. Кантип биз үчөөбүз бул жерде жатабыз” деп жатпайбы? Көрсө мени эмес, Асыл апамдын элесин айтып жатыптыр. “Мен, апаң, анан алган кемпир үчөөбүз кантип жашайбыз” дегенде гана түшүнүп бул сөздү экинчи ирет кайталаган эмесмин. Көрсө атам апамды абдан жакшы көрчү экен.

“АПАМДЫН ЖАНЫНА ЖАТСАМ ДЕГЕН...”

- Атам ооруп жатканда өзүнө жакын, өзү ишенген аттуу-баштуу адамдарды чакырып “силерди атайын чакырдым. Мен келбес командировкага кеткенде мени кемпиримдин жанына койгула. Балдарымды өкмөт укпайт. Силерди угат” деген керээзин айткан. Ал белгилүү адамдардын бири К.Акматов эле. Атам өлгөндө ушул адамдардын бирөөсү да анын керээзи боюнча эч нерсе айтышпай коюшту. Бир туугандарымдын баарынын көзү тирүү эле. Атам айткандай бизди уккан жок. Зар какшап түшүндүрө албадык. Өкмөт “Мындай даражалуу адамды Ала-Арча көрүстөнүнө коюш керек” деп салды. Атам кыргыздын салтын ыйык тутуп атактуу адамдарга керээзин калтырган соң, алар өкмөткө түшүндүрүш керек эле. Эч кимиси атамдын керээзин колдогон жок. Ушуга ушул күнгө чейин нааразымын. Апамдын сөөгү Байтикке баратканда Өзбек байдын күмбөзүнүн жанына коюлган. Атам апамдын жанына жатсам деген. Тилекке каршы, бизди эч ким колдобой, керээзи аткарылбай калды. Мына кыргыздардын сыйлуу адамына кылган мамилеси.

“ҮЙДҮН ДОЛБООРУ ЖАЗУУЧУЛУКТАН ТЫШКАРЫ ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН БИРИ БОЛУП КАЛДЫ”

- 1949-жылы Сталин сыйлыгын алганда атамдын бул жер тилкесин сатып алганга мүмкүнчүлүгү болуп калган. Анда бул жерде бир кабат эски үй бар болчу. Тоталитардык режим болуп, ал кезде менчик үй курууга уруксат берилчү эмес. Ал эми атама уруксат берилип, бирок, “өтө чоң үй курбаңыз!” дешкен. Атам архитектор болбосо да чатыраш дептердин клеткасын метр кылып эсептеп, чатырашка 2 кабат үйдүн долбоорун чийип алып шаардын архитектурасына көтөрүп барган экен. Ал кездеги архитектор Алибанский Павель Петрович карап алып күлүп “бул долбоорунуз болот. Бирок муну адистер кайрадан чийип чыксын” деп эски долбоорду жаңылап чийдирип бериптир. Атамдын ал долбоору ушул күнгө чейин архивде сакталуу. Негизинен атамда чоң үй курам деген ой болгон эмес. Бирок, кура келгенде башка үйлөргө салыштырмалуу заңкайып чыга келген. 1953-жылы куруп бүтүшкөн. Үйдүн долбоору өзүнүкү болгондуктан, атамдын жазуучулуктан тышкары бул үй да өз чыгармаларынын бири болуп калган.

“АТАМДЫН КЕРЭЭЗИ МЕН ҮЧҮН КОНСТИТУЦИЯ”

- Бул үйгө көптөгөн белгилүү адамдар келчү. Азыр деле атамдын музейи катарында турат. Эл музейде эч ким жашабаш керек деп түшүнөт. Үй боюнча сүйлөшкөнүмдө атам “бул үйдү өзүм кургам. Кабинетимди, архивимди, китепканамдын баарын ушул бойдон сактап, калган бөлмөлөрүндө каалагандай жаша” деген. Бул атамдын керээзи. Атамдын чыгармачылыгын баалаган адамдар үчүн эшик ачык. Мына атамдан калган стол, стул, кресло, машинка, китептерин көрүп кетсе болот. Каршы эмесмин. Бул ой атамдыкы. Атамдын керээзи деп түшүндүрөм. Атамдын керээзин буза албайм. Ал мен үчүн Конституция. Бул Конституция мага эле эмес, балдарым, небереле риме чейин Конституция боюнча калат. Атамдын көзү тирүү кезинде эшиктери кандай ачык болсо, азыр деле ошондой. Мына бул үйүбүздүн түштүк жагынан беш метр эле нары 18 кабат, бийиктиги 50 метрден ашык чоң имарат курулду. Атамдын кабинетинин айнектерин калкалап, күн тийбей калды. Анан да “биз аксакалды сыйлайбыз” дешет. Кана сыйлашканы, сыйлашса мындай болбойт эле. Бул болгону эки жүздүүлүк.

“МЕН КЫРГЫЗМЫН” ДЕГЕН СӨЗДҮ КӨП КОЛДОНЧУ”

- Кээде жаш жигиттер келип алып “аксакал, сиз баланча уруудан болосуз да?” дешчү. Атам “жок, мен кыргызмын” деп жооп бергү. “Ооба, баарыбыз эле кыргызбыз, бирок, биз бир урууданбыз да” дешсе, “жок! Мен кыргызмын” деп ачууланып, аларды “бөлүнгөнүңөрдү койбойсуңарбы?!” деп уяткарып салчу. Бөлүнгөндү жактырчу эмес. Ушул “мен кыргызмын” деген сөзү атамдын туу катары көп колдонгон сөзү болчу.

Жазгүл КАРБОСОВА

Ар бир эмгек бааланат

КР Билим берүү жана илим министрлигинин бюджеттик саясат жана финансылык анализ башкармалыгынын башкы адиси Гүлнара ТОКТАКУНОВА:

“Мугалимдердин кадыр-баркы көтөрүлүп, жаш кадрлар тартылат”

– Гүлнара Базаракуновна, апрелдин аягында колдоруна тийген айлык акы мугалимдердин өздөрүн эле кубантпастан, эл арасында да жакшы маанайды жаратты. Бирок, мугалимдердин сааттары азайып, айлыктын көбөйгөнү деле билинбей калат деген да сөздөр бар.

– КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтомунун негизинде жалпы билим берүү системасындагы мугалимдердин айлык акысы 80%га, администрациялык кызматкерлердики 50%, техникалык жана кенже кызматкерлердин маяналары 80%га жогорулады. Буларга ведомстволук бала бакчалар да кирет. 1-апрелден баштап көтөрүлгөн айлык акыларын билим берүү тармагында эмгектенгендер апрель айынын аягында колдоруна алып, кубанычтарында чек жок. Бул реалдуу чындык. Азыр жеке менчик мектептерде мугалимдер ушундай эле айлык алышат. Мына ушундан улам жалпы мугалимдердин эмгекке болгон көз карашы бир топ өзгөрдү.

Мугалимдин айлык акысы буга чейин саатына жараша болчу.

– Кээ бир предметтер боюнча жетишсиз мугалимдердин айлыгына 80%дан сырткары дагы 20% кошулдубу?

– Мектептерде 5 предметтен берген жана башталгыч класстардын мугалимдери жетишсиз болуп келген. 2019-жылы айлык акыны көтөргөндө башталгыч класстардын мугалимдерине 20% кошумча акы кошулган. Ошондо мугалим болуп иштейм дегендер көбүрөк келе баштаган. Ошол эле система менен азыр дагы математика, информатика, биология, химия предметтери боюнча мугалимдерди тарталы деп жатабыз. Физика, математика предметтери боюнча мугалимдерге караганда тарыхтан, географиядан берген мугалимдер жетиштүү. Балдардын так илимдер боюнча да нормалдуу билим алуусу, келечектеги

кесибин туура тандоодо бардык предметтер боюнча мугалимдердин жетишээрлик санда болушу шарт. Муктаждыктар толукталып, бир топ маселелер чечилсе, кийинки этапта жалпы мугалимдердин айлык акылары бирдей көтөрүлөт.

– Бир жарым ставка менен мугалимдер жумасына канча сааттан сабак беришет? Ошондой эле эселөө коэффициенттери тууралуу да айтып бересиз.

– Азыр мектептерде жоголуп бараткан ставка системасына кайрадан өтүп жатабыз. 1-класстан 4-класска чейин сабак берген мугалимдердин ставкасы 16, 5-11-класстын мугалимдеринин ставкасы 18 саат болот. Аталган токтомдо жалпы билим берүү уюмдарынын (мектептер жана бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттар), баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын жалпы билим берүү дисциплиналарынын мугалимдеринин, маданият жана искусство жаатындагы балдар мектептеринин окутуучуларынын ставкаларына эселөө коэффициенти берилген. Анда бардыгы түшүнүктүү жана жөнөкөйлөтүлүп көргөзүлгөн. 7040 сом деген сумманы эселөө коэффициентине көбөйтүү менен ар бир мугалим өзүнүн айлык акысын эсептеп алса болот. Анда 1-4-класстардын мугалимдеринин алган билимине карата, эгерде орто кесиптик билими болсо, анын эселөө коффициенти 2,177. Бул сумманы 7040ка көбөйткөндө айлык акысы чыгат. Эгерде бакалаврды бүтсө – 2,451, магистр квалификациясы болсо – 2, 722.

1-4-класстардын жана информатика, математика, физика, химия жана биология боюнча 5-11-класстардын жана баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын жалпы билим берүү дисциплиналарынын мугалимдеринин, окутуучуларынын эселөө коэффициенттери бирдей. Буларга 80%дан сырткары 20% дагы кошулган. Ага кошумча дептер текшерүү, класс жетекчилик, педстаж кошулат. Мындан сырткары бийик тоолуу райондордогу мугалимдердин бардык эселөө коэффициенттери сакталган. Көбөйтүлгөн айлык менен көп жылдык стажысы бар мугалимдер 40 миң сомдой алышат.

– Техникалык кызматкерлердин айлыгы канча пайызга көтөрүлдү?

– Мектеп мугалимдерден гана турбайт. Бизде мугалимдерден сырткары кенже, техникалык кызматкерлер да бар. Билинбегени менен алардын аткарган кызматы чоң. Пандемия мезгилинде жууп-тазалоо, 1 – 2-сменанын тазалыгын кармап туруу абдан маанилүү иш экендигин көрдүк. Жууп-тазалоочунун (техничканын) айлыгы буга чейин 3750 сом болсо, азыр 7040 сом болуп, 100%га көтөрүлдү. Азыр бизде 7040 сомдон төмөн айлык жок. Директорлордун, бала бакчалардын жетекчилеринин айлык акылары 50%га жогорулады. Алардын сабак өтүүсүнө уруксат берилгендиктен, сабак берип көбүрөк маяна алганга мүмкүнчүлүктөрү бар.

Билим берүү тармагындагылардын айлыктарынын көбөйгөнүнө биз да абдан кубанычтабыз. Биринчи муктаждыктарды чечип берген Президентибиз С.Жапаровго терең ыраазыбыз.

– Мугалимдин статусун көтөрө турган квалификациялык категорияларга канча сомдон кошулат?

– Мугалимдик кесип чындыгында абдан оор кесип. Алардын көпчүлүгү татыктуу кесиптин ээлери. Айлык акынын аздыгына карабай, эч жакка кетпей, чын дили менен иштеген мугалимдер бар. 181-токтомго квалификациялык категориялар жөнүндө да киргизгенбиз. Эгерде мугалимдин квалификациясы аныкталып категория алса, айлык акысына дагы кошулат. Жогорку билими менен 1-категорияга – 3 миң, 2-категорияга – 2 миң сом кошумча акы төлөнөт. Мунун арты менен мугалимдин статусу көтөрүлөт жана бул кесипке жаш мугалимдер тартыла баштайт. Азыр эң жогорку категорияга 5 миң сом кошулат, мурда 3 миң сом болгон.

– Окуу жайын жаңы эле бүтүрүп келген жаш мугалимдин айлык акысы азыр канча болуп калды?

– Бул алган билимине карата аныкталат. 1-4-класстардын мугалими болсо, эгерде ал колледжди же техникумду аяктап келсе, айлыгы 15 326 сом. Эгерде ал класс жетекчиси болсо 1400 сом, дептер текшергенине 2700 сом кошулат. Жогорку билими болуп, бакалаврды аяктап келсе анын баштапкы айлыгы 17 255 сом. Ага жогорудагы суммалар кошулат. Жумасына 16 саат болуп, 5 күндүк жумуш күнү болсо, күнүгө 3 сааттан иштешет. Бир жарым ставка болсо, күнүнө төрт жарым сааттан сабак беришет.

Жаш мугалимдер үчүн дагы бир жакшы жаңылык айтсам, мурда 5 жылдан 10 жылга чейин иштеген мугалимдердин айлык акысына 10%, 10 жылдан 15 жылга чейин 20%, 15 жылдан ашык иштегендерге 30% кошулчу. Азыр 3 жылдан 8 жылга чейин 10%, 8 жылдан 13 жылга чейин 20%, 13 жылдан өйдө 30% кошулат. Мисалы, айлыгы 15 миң 326 сом болсо, 30% менен 4597 сом кошулат.

– Кесиби мугалим, бирок 15-20 жылдан бери башка тармакта жүргөндөр кайрылып келип, мугалим болуп иштей алышабы?

– Кайрылып келишсе болот. Алар үчүн эшик ачык. Бирок, өз кесибин унутуп калгандыктан, базаны жаңыртыш үчүн 2 жумалык (72 саат) квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтүшү керек. Андан кийин гана окуу пландарынын сааттарынын негизинде келип иштей алышат.

– Пенсияга чыгып иштеген мугалимдер барбы?

– Ооба бар. Алардын көп жылдык тажрыйбасын жана кадыр баркын сыйлайбыз. Пенсионерлерди эч ким кет дебейт, бирок жаш мугалимдерди тартуу учурдун талабы.

Маектешкен
Бактыгүл КУЛАТАЕВА

Кош, Алиппе!

БИЛИМДҮҮГӨ ДҮЙНӨ ЖАРЫК

“Убакыт учкан куш” демекчи, бир жыл мурда эле мектеп босогосун аттаган мотурайган бөбөктөр, учурда Алиппе майрамынын күбөсү болушууда. “А” деген арипти үйрөткөн Алиппе майрамы ар бир мектепте салтанаттуу түрдө өтүүдө. Мындан улам, келечекке кадам таштап, 1-классты аяктап жаткан окуучулардын кубанычын тең бөлүшүү максатында Т.Сатылганов атындагы №69 окуу-тарбия комплексгимназиясына баш бактык. “Билимдүүгө дүйнө жарык” демекчи, 1-класстын окуучулары Алиппе майрамында кыргыз-орус тилдеринен сырткары кытай тилде сүйлөп, ырдап жатса суктанбай коё албайт экенсиң. Себеби, Т.Сатылганов атындагы №69 окуу-тарбия комплексгимназиясы Кыргыз Республикасындагы мекемелерден сырткары эл аралык билим берүү мекемелери менен да байланышты бекемдеп, кызматташып, активдүү иш алып барат. Мындай кызматташтык өз жемишин берип, гимназия башталгыч класстардын окуучуларына да немец, кытай, корей тилдерин тереңдетип окутат.

Аталган окуу-тарбия комплексинде 21-майда өткөн Алиппе майрамынын жыйынтыгында 1-классты аяктап жаткан 9 класстын ичинен Көчөрбаева Лариса Нургазиевна жетектеген 1- “Ж” классынын сценарийи мекеменин директору Сайрагүл Атаеванын, мугалимдердин жана ата-энелердин мактоосуна арзыды. “Акыл — деңизден терең, билим — тоодон бийик” демекчи, өлкөбүздө тынчтык болуп, билимге умтулган акылдуу уулкыздарыбыз аман болсун! Келечек муундун таалим-тарбиясы үчүн күрөшүүгө жан үрөгөн мектеп жетекчилигине, мугалимдерге, ата-энелерге алкыш.

Жазгүл КАРБОСОВА

Атын атаса куту сүйүнөт

ЭМГЕКТЕН БАКЫТ ЖАРАЛАТ

Мамлекет башчысынын чечкиндүү кадамдары менен социалдык тармактын кызматкерлеринин, анын ичинде мугалимдердин эмгек акыларынын көтөрүлүшү, келечек муунду билимге, тарбияга сугарган кесип ээлерине дем берди. Мындан улам, билим берүү тармагында эмгектенген айрым жетекчилерди кепке тартып, пикирлерин уктук.

Б.Мурзубраимов атындагы Өзгөн технологиялык жана билим берүү институтунун директору, доцент Асанбек АКМАТАЛИЕВ:

“Ишибизге жоопкерчиликтүү карап, сапаттуу билим берүүбүз керек”

- Президент Садыр Жапаров 2022-жылдын 4-апрелиндеги социалдык тармактын кызматкерлеринин Республикалык жыйынында бир нече министрликтерде эмгек акыны жогорулатуу боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу билдирген. Анда быйыл Билим берүү министрлигине кошумча 16 млрд сомдон ашык каражат бөлгөнүн, аталган министрлик — эң көп каржыланган министрлик болуп калганын айткан. Бул бардык мугалимдер үчүн кубанычтуу жаңылык болгон. Көз ачып жумгуча бир ай өтүп, чындап эле мугалимдер көтөрүлгөн эмгек акыны, жакшы айлыкты алдык. Эми эмгек акыны көтөргөнгө жооп иретинде баарыбыз ишибизге жоопкерчиликтүү мамиле жасап, сапаттуу билим берүүбүз керек. Учурдагы оор кырдаалда Президент менен Министрлер Кабинетинин соцтармактардын иши орчундуу экендигин эске алып, эмгек акыны көтөрүп жаткандыгы өтө чечкиндүү кадам жана чоң жумуш болду. Биз ыраазыбыз!

Сокулук районундагы “Материнская школа” бала бакчасынын жетекчиси Жибек ТАКЕНБАЕВА:

“Өлкөбүз тынч, балдарыбыздын келечеги кең болсун!”

- Мамлекет башчыбыздын чечими менен мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин, бала бакчалардын тарбиячыларынын эмгек акысы дагы 80%га өскөнү апрель айынын башында айтылган. Мындан улам биздин эмгек да адилеттүү бааланганына сүйүнүп күтүп жатканбыз. Биздин бала бакчада бир группада эки тарбиячы жана бир тарбиячынын жардамчысы болуп үчөө иштейт. Тарбиячылардын бирөөсү түшкө чейин, экинчиси түштөн кийин келип иштейт. Бул аракет балдарга сапаттуу билим берүүгө багытталган. Себеби, эки тарбиячы эки нөөмөттө чарчабай иш алып барышат. Ошондуктан, мурда беш-алты миң сом айлык алган тарбиячыларыбыз, апрель айында 14-15 миң сом айлык алышып, кубанычтарында чек жок. “Ар бир кесип ардактуу” демекчи, кесибин сүйүп, балдар менен иштөөгө жан дилинен берилген кызматкерлерибиз мурда айлыгынын азына деле карабай иштеп келишкен. Мына эми мамлекеттин бул колдоосу кызматкерлерибизге дем-күч берип, иштин сапатын арттырууга өбөлгө болууда. Буйруса, мындай ишеничтерди актап, эл-жерге кызмат кыла турган чыгаан, таланттуу уул-кыздарды бала бакчалардан тарбиялап чыгууга болгон аракетти жасайбыз. Башкысы өлкөбүз тынч, балдарыбыздын келечеги кең болсун!

Талас районундагы Д.Молдоярова атындагы бала бакчанын жетекчиси Гүлмира ЧЕГЕБАЕВА:

“Талап, тартип болбогон жерде өнүгүү болбойт”

-“Атын атаса куту сүйүнөт” демекчи, ажобуздун “Мугалимдердин айлыгына акчабызды мындан ары да аябайбыз. Мүмкүнчүлүк болор замат, дагы да жогорулатып беребиз. Бирок аларга талапты катуу коебуз” деген сөзү мугалимдердин, тарбиячылардын жүрөгүнөн орун алды. Талап, тартип болбогон жерде өнүгүү болбойт. Андыктан, мурда эле биздин бала бакчага кызматкерлерди конкурс менен алып келгенбиз. Мындан ары да аттестациялоо иштерин жүргүзүп, балдарга мыкты тарбия, сапаттуу билим бере турган кесипкөй кызматкерлерди алабыз. Президенттин чечими менен эмгек акылардын көбөйгөнү өзгөчө элеттеги билим, тарбия берүүчүлөрдү шыктандырды. Канча жылдан бери берекелүү эмгек акыга ээ боло албай келген билим берүү тармагынын өкүлдөрү мамлекет жетекчилигине ыраазычылык билдиребиз. Мурда биздин кызматкерлер 14 миңдин тегерегинде эмгек акы алып келген болсо, учурда 23-24 миң сом айлык алышууда. Буйруса, ушул дем-күч менен келечек муунду татыктуу тарбиялоого жан үрөп, билим берүү жаатында талыкпастан эмгектене беребиз.

Жазгүл КАРБОСОВА

Кайрымдуу бололу

«АССАНАБИЛ» КАЙРЫМДУУЛУК ФОНДУНУН АЛГЫЛЫКТУУ ИШТЕРИ

«Ассанабил» кайрымдуулук фонду 2004-жылы уюштурулуп, азыркы мезгилге чейин ийгиликтүү иш жүргүзүп келет. Кайрымдуулук фондунун негизги максаты өлкөбүздөгү социалдык жактан начар үй-бүлөлөрдүн турмуш шартын жакшыртууга, жакыр жашаган мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, ошондой эле өлкөнүн билим берүү, саламаттыкты сактоо жана башка социалдык катмарларына гуманитардык жактан жардам берүүгө багытталган.

БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДА

Кайрымдуулук фонду тарабынан бүгүнкү күнгө чейин өлкөбүздүн билим берүү тармагында 55 мектеп курулуп, пайдалануунга берилген. Жаңы мектептер заманбап типте салынган. Класстардын ичинде окуучулар үчүн интерактивдүү доска, столстулдары, компьютерлер жана башка керектүү инвентарлар менен жабдылган. Кайрымдуулук фонду тарабынан курулган мектептердин бардыгы билим берүү жана илим министрлигинин карамагына өткөрүлгөн. Араб тилин окутуу боюнча өлкөбүздөгү 5 жогорку окуу жайларында макулдашуунун негизинде студенттер жогорку билимге ээ болуп жатышат.

КАЛКТЫ МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЙЛӨӨ ЖААТЫНДА

“Ассанабил” кайрымдуулук фонду тарабынан өлкөбүздүн медицина тармагына да ири инвестициялар тартылган. Алсак, кайрымдуулук фонду түптөлгөндөн бери республикабыздын бүткүл аймактарына 120дан ашуун бейтапканалар курулуп, заманбап медициналык жабдуулар менен толук камсыз болгон. Ал бейтапканакалар Саламаттык сактоо министрлигинин жана жергиликтүү бийликтин карамагына өткөрүлгөн. Ар жыл сайын борбордон алыс катаал шартта жашаган райондорго жана айылдарга медициналык кербендер уюштурулуп, борбордогу эң күчтүү деп саналган дарыгерлер кайрымдуулук фондунун эсебинен айылдарга барып, элдин саламаттыгын бекер текшерүүдөн өткөрүп турушат. Фонд тарабынан мүмкүнчүлүгү чектелген 1500дөн ашуун адамдарга ар түрдүү жардамдар көрсөтүлгөн. Айрыкча 2020-жылы COVID 19 пандемия учурунда бул фонд тарабынан азык-түлүккө муктаж үй-бүлөлөргө 400 тоннадан ашык азык-түлүктөр таркатылган.

КЕЛЕЧЕК ЭЭЛЕРИНЕ КАМКОРДУК

“Ассанабил” кайрымдуулук фонду түзүлгөндөн бери 4200 жетим балдарды өз камкордугуна алып келет. Ай сайын жарым жетим жана жетим балдарга жөлөк пул берилип, жайкы жана кышкы жылуу кийимдери, анын ичинде окуу куралдары менен камсыздалып турат. Ошондой эле жетим балдар үчүн мезгил-мезгили менен даталуу күндөргө карата фонд тарабынан ар кандай иш-чаралар уюштурулуп келүүдө.

Келечек ээлери болгон балдар үчүн атайын “Элистан” балдар борбору түзүлүп, өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. Бул борбордо атаэнесинен ажыраган 40 өспүрүм балдар жашайт. Алар үчүн 3 маал ысык тамак берилип, кийим-кече менен бирге эле алардын билим алуусуна толук шарттар түзүлгөн. Кайрымдуулук фонду тарабынан турак жайы жок үй-бүлөлөргө 55 турак жай курулуп пайдалануунга берилген.

АЙЫЛДАРДЫ ТАЗА СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДОО

Айыл жерлериндеги калкты таза суу менен камсыздоо маселесин чечүүдө кайрымдуулук фонддун кошкон салымы чоң десек болот. Республикабыздын бүткүл аймагы боюнча эң татаал, суу чыкпаган айылдарга жер алдынан 400дөн ашык скважиналар орнотулуп суу чыгарылды. Бүгүнкү күндө көптөгөн айылдар таза суу менен камсыздалды. Ошондой эле айылдарга 880ден ашык чоң жана кичине мечиттер курулуп, муфтияттын карамагына өткөрүлүп берилген. 150 жаш жубайлардын үйлөнүү үлпөтүн өткөрүп, толук чыгымын “Ассанабил” кайрымдуулук фондусу өз мойнуна алган.

МУКТАЖДАРГА КӨП КӨҢҮЛ БУРУЛАТ

Коомдо жашаган начар камсыздалган үй-бүлөлөрдүн акыбалын жакшыртуу максатында жардамга муктаж үй-бүлөлөргө 300 тигүүчү машиналар алынып берилип, бирден саан уй, 10дон кой таркатылган. Ошондой эле муктаж үй-бүлөлөргө жуурканчөшөк, жылыткыч, электрдик меш, кышкысын көмүр, кир жуугуч машиналар ал эми окуп жаткан студенттерге стипендия, ноутбуктар берилген.

“Ассанабил” кайрымдуулук фондунун мүдүрү Мохамед Али Абделькарим мырзанын айтуусуна караганда мына ушундай иш-чаралар ар жыл сайын уюштурулуп, гуманитардык жардамдар мындан ары да улантыла бермекчи.

Орункул САТЫКУЛОВ

■ Ар бир жаран мамлекеттик колдоого муктаж

ПЕНСИЯЛЫК ТОПТОМДОРДУ КОЛДОНУУГА БОЛОТ

Кыргызстанда Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондундагы каражатты ипотекалык төлөм үчүн колдонууга уруксат берилди. Мындай чечим жакында Министрлер Кабинетинин жалпы жыйынында кабыл алынып, анда Социалдык фонд тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык каражаттарын төлөө эрежелери жөнүндө чечимдин долбоору жактырылды. Учурда ипотекалык насыясы бар жарандар, ошондой эле алардын жубайлары карыздын негизги суммасын же насыя боюнча пайыздарды төлөө үчүн пенсиялык топтомун пайдалана алышат. Ал үчүн алардын жеке камсыздандыруу эсебинде 50 миң сомдон кем эмес өлчөмдө акча каражаты болууга тийиш. Ошондой эле бул токтом пенсиялык топтомдору бар жумушсуз жарандарды да социалдык жактан колдоого багытталган.

Разия ЖООШБАЕВА

УЛУТТУК НАРК ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Жер жүзүндөгү ар бир улуттук нарк адамзаттын жан дүйнө казынасынын кайталангыс табылгасы болуп саналат. Жалпы адамзаттык нарк улуттук-этникалык маданияттардын көп түрдүү биримдигинен түзүлөт. Жаратылыштагы биоартүрдүүлүк сыяктуу эле адамзат коомундагы социомаданий ар түрдүүлүк да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Улуттук нарк башка элдерге да жакын жана түшүнүктүү болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктардын катарына кирет. Ошондуктан ал калктардын, этностордун ортосундагы ынтымак-достукка, өз ара мамилеге шайкешип, бириктирүүчү кызматты аткарган.

Миңдеген жылдар мурун өз алдынча ээлик түзүп, ага көз карандысыз башкаруу тартибин орнотуп, чоң жана кичине элдер менен тең ата мамиле жүргүзүүдө натыйжалуу ийгиликтерге алып келген кыргыз элинин эң негизги таанычы жана ишеничи эреже-тартиптерден, жүрүм-турум адебинен, каада-салтынын жыйындысынан куралып, улуттук дүйнө таанымдарына шайкелишкен улуттук нарк мыйзамы иштелип чыккан. Улуттук нарк кылымдар бою мезгилдин сынынан өтүп, айрым жерлеринде толукталып, бекемделип жүрүп отурган. Нарктын таасири эң жогорку деңгээлге өсүп чыккан, алсак эл арасында "Хан бийлигинен нарк күчтүү", "Эрден өтмөк бар, элден өтмөк жок" деген накыл сөздөр Айкөл Манас атабыздын доорунда жаралып, азыркы мезгилге чейин өзүнүн күчүн жоготпой келе жатат.

Ошол эле учурда мамлекеттик башкаруу иштерине башка диний ишенимдер жана кызыкчылыктар таңууланган учурда эл арасында жиктер пайда болуп, ынтымактын ыдырашына кайсыл бир деңгээлде таасир бере баштаган. Тарых баракта-ры мындай окуялардын бир нечесин тастыктап бере алат. Мамлекеттик башкаруу системасында нарктуулуктун бузулушу ири дөөлөттөрдүн, өлкөлөрдүн урашына алып келген.

Советтик доордо мамлекетибизде мыйзамдуулуктун үстөмдүгү салыштырмалуу түрдө бекем орноп турган мезгилде дагы кыргыз элинин "жазылбаган" каада-салт, нарк мыйзамдары кызуу иштеп, адамдардын, урук-уруулардын ортосундагы мамилелерди теске салууда алардын кенен пайдаланылып келгендиги баарыбызга маалым. Демек, жалпы адамзатка таандык эсептелген мыйзамдарга салыштырмалуу элдин өзү иштеп чыккан нарк системасы маанилүү жана ийгиликтүү жыйынтыктарды жаратып келген.

Азыркы мезгилде элибизге жаңы көз караштарды, ойлорду сунуштап, эксперимент жүргүзө берүү эмес мезгил сынынан өтүп, элдин көкүрөгүнө уюган улуттук нарктуулукту кайра калыбына келтирүү зарылчылыгы чыгып жаткандыгын белгилейбиз.

Бул сунушталып жаткан улуттук нарк дөөлөтүбүз Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгынын ырааттуу уландысы катары сунушталып жатат.

Жаңы технологиялардын айдыңы менен ааламдашуунун чеңгээлине кирип, өзөгүбүздү жана тамырыбызды жоготуп албашыбыз үчүн адилеттүүлүккө жана акыйкаттуулукка негизделген нарктуу коомду куруу үчүн **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы:

- коомчулуктун, билим берүү жана илим, маданият чөйрөсүнүн өкүлдөрүн, бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен 2022-жылдын 1-сентябрына чейин Улуттук наркты сактоо жөнүндө улуттук программаны (мындан ары - Улуттук программа) иштеп чыксын жана киргизсин;

- Улуттук программаны иштеп чыгууда төмөнкү принциптер эске алынсын:

нарк маселесинде диний ишенимдердин жана каада-салттын баалуулуктарын бири-бирине карама-каршы койбоо;

коомго, өлкөгө жан дили менен берилген өрнөктүү, нарктуу жаранды калыптандырууда чөлкөмдүк, этникалык жана материалдык кызыкчылыктардан улуттук аң-сезимдин артыкчылыгы;

нарктуулук бала бакчадан, мектептен, жогорку окуу жайдан жана башка коомдук институттардан эмес үй-бүлөдөн башталарын эске алып, өлкөнүн эң негизги ресурсу катары салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды жайылтуунун артыкчылыгы;

коомдун нарктуу өкүлүн жана нарктуу мамлекеттик кызматчысын калыптандырууда мамлекеттик тилге жана тарыхый баалуулуктарга өзгөчө көңүл буруу;

улуттук нарктуулукту жайылтууда ийгиликтерге жетүү үчүн ар бир муундун физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша методдорду, талаптарды иштеп чыгуу.

2. Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгына төмөнкүлөр сунушталсын:

- салттуу ислам баалуулуктарын жана кыргыз элинин улуттук наркын сактоодо келип чыгуучу түшүнбөстүктөрдү жоюу максатында тиешелүү чечимдерди чыгаруу;

- кабыл алынган чечимдер боюнча калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

3. Кыргызстан калкы ассамблеясына, коомдук уюмдарга, жалпыга маалымдоо каражаттарына, анын ичинде телерадиоберүү уюмдарына нарктуулукту жайылтуу, нарктуу жаранды жана нарктуу коомду куруу жөнүндө калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү сунушталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнө, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга улуттук наркка байланышкан түрдүү багыттагы демилгелерди сунуштоо менен бирге диний ишенимдерге жана улуттук наркка өтө сый-урмат менен мамиле кылууга, ошондой эле нарктуу коомду курууда Кыргыз Республикасынын жарандарына үлгү көрсөтүүсү сунушталсын.

5. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысына жүктөлсүн.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 20-майы, ПЖ №157

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ӨЗГӨЧӨ ТАПШЫРМАЛАР БОЮНЧА АТАЙЫН ӨКҮЛҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча атайын өкүлүнүн ишин камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча атайын өкүлү жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы ушул Жарлыктан келип чыгуучу тиешелүү чараларды белгиленген тартипте көрсүн.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 20-майы, ПЖ №160

УЛУТТУК КИНОИНДУСТРИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КИНЕМАТОГРАФИЯСЫН МАМЛЕКЕТТИК КОЛДОО СИСТЕМАСЫН МЫНДАН АРЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Улуттук киноискусствону мындан ары өнүктүрүү жана улуттук кинематографияны жаңы сапаттуу деңгээлге көтөрүү, бул тармакты мамлекеттик колдоо системасын өркүндөтүү, дүйнөлүк тажрыйбанын негизинде өлкөдө киноөндүрүшүнүн натыйжалуу механизмдерин киргизүү, ошондой эле киноиндустриянын заманбап инфратүзүмүн түзүү максатында, өсүп келе жаткан муунду руханий жана адеп-ахлактык тарбиялоодо киноискусствонун маанисин эске алып, **токтом кылам:**

1. Улуттук кинематографияны колдоо маданият чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын маанилүү милдеттеринин бири деп таанылсын.

2. Улуттук кинематографияны өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары болуп төмөнкүлөр аныкталсын:

- улуттук кинофильмдерди, сериалдарды, анимациялык фильмдерди өндүрүүнү финансылык камсыз кылуу;

- рыноктук принциптердин негизинде улуттук кинематографияны мамлекеттик колдоо системасын өркүндөтүү, өлкөгө чет өлкөлүк кинокомпанияларды тартуу жана биргелешкен кинофильмдерди, сериалдарды жана анимациялык фильмдерди өндүрүүнү өнүктүрүү;

- экономиканын өзүнчө тармагы катары киноиндустрияны өнүктүрүү, заманбап жана жогорку технологиялык материалдык-техникалык базасы бар инфратүзүмдү түзүү;

- төмөнкүлөрдү түзүү:

кинематография чөйрөсүнүн кадрларын даярдоонун, чыгармачыл ишмерлердин жана техникалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун натыйжалуу системасын;

улуттук кинематографияны дүйнөлүк кинопроцесстерге интеграциялоо, кинопрокат системасын өнүктүрүү жана улуттук фильмдерди, сериалдарды жана анимациялык фильмдерди дүйнөлүк кинорынокто илгерилетүү үчүн шарттарды.

3. Кинематография чөйрөсүнүн өкүлдөрүнүн төмөнкүлөр боюнча сунуштары колдоого алынсын:

- 2023-жылдан баштап ар жылдык негизде Бишкек эл аралык кинофестивалын уюштуруу жана өткөрүү;

- жогорку билим берүү мекемелеринде "Кинематография" багыты боюнча окуп жаткан студенттерди колдоо максатында мамлекеттик стипендияны уюштуруу;

- өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун көтөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Кинематография департаментинин түзүмүндө кинокомиссиянын иштөөсү;

- өнүккөн киноиндустриясы бар өлкөлөрдүн кинематографисттери менен тажрыйба алмашуу жана кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, даярдоо, окутуу;

- кинематография чөйрөсүн динамикалуу өнүктүрүү үчүн жагымдуу экономикалык шарттарды түзүү.

4. Төмөнкүлөрдү түзүү максатка ылайыктуу деп эсептелсин:

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Кинематография департаментинин алдындагы "Кыргызсериал" чыгармачылык-өндүрүштүк бирикмеси" мамлекеттик мекемесин (мындан ары -"Кыргызсериал" чыгармачылык-өндүрүштүк бирикмеси" мамлекеттик мекемеси);

- Кино фондун.

5. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги төмөнкүлөрдү даярдасын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизсин:

- бир айлык мөөнөттө:

Кино фонду жөнүндө, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Кинематография департаментинин алдындагы "Кыргызсериал" чыгармачылык-өндүрүштүк бирикмеси" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жоболордун долбоорлорун;

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашылган "Кыргызсериал" чыгармачылык-өндүрүштүк бирикмеси" мамлекеттик мекемесинин жана Кино фондунун түзүмүнүн, штаттык санынын жана кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттарынын долбоорлорун;

- эки айлык мөөнөттө эл аралык стандарттарга ылайык мамлекеттик кинематография мекемелеринин материалдык-техникалык базасын модернизациялоо жана инфратүзүмүн жакшыртуу боюнча сунуштарды;

- үч айлык мөөнөттө:

каржылоонун кошумча булактарын аныктоо менен улуттук кинофильмдерди, сериалдарды жана анимациялык фильмдерди өндүрүүнү мындан ары өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын долбоорун;

"Кыргыз Республикасынын кинематографиясын мамлекеттик колдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык улуттук кинофильмдерди, сериалдарды жана анимациялык фильмдерди өндүрүү тартибин;

улуттук кинематографияны дүйнөлүк кинопроцесстерге интеграциялоону эске алуу менен ченемдик укуктук актыларды актуалдаштыруу боюнча сунуштарды.

6. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

- "Кыргызсериал" чыгармачылык-өндүрүштүк бирикмеси" мамлекеттик мекемесин каржылоону 2023-жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджеттен карасын;

- "Кыргыз Республикасынын кинематографиясын мамлекеттик колдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын каржылоо бөлүгүндө толук көлөмдө аткарууну камсыз кылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгиленген тартипте эки айлык мөөнөттө:

- ушул Жарлыктан келип чыгуучу уюштуруучулук, финансылык жана башка маселелерди чечсин;

- өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

8. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы ушул Жарлыктан келип чыгуучу улуттук кинематографиянын, анын ичинде "Кыргызсериал" чыгармачылык-өндүрүштүк бирикмеси" мамлекеттик мекемесинин жана Кино фондунун уюштуруучулук, материалдык-техникалык жана башка камсыздоо маселелерин белгиленген тартипте эки айлык мөөнөттө чечсин.

9. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

10. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 20-майы, ПЖ №159

САКТЫКТА КОРДУК ЖОК

ЖАРАТЫЛЫШТЫН ЖАЗЫЛБАГАН МЫЙЗАМДАРЫ

Өткөн аптада Дүйнөлүк метеорологиялык уюм 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча доклад жасады. Анда жер шарына климаттык катастрофа жакындап калганы тууралуу айтылып, БУУнун Башкы катчысы Антониу Гутерриш да дүйнө элин бул маселеге көңүл бурууга чакырган. Ал дүйнөлүк энергетикалык система бузулганын белгилеп, деңиз деңгээлинин көтөрүлүшү, океандардагы температуранын жана кычкылдуулуктун жогорулашы боюнча 2021-жылы катталган рекорддук көрсөткүчтөр тууралуу айтып берди. Ал ортодо Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги да өлкөдө жаан-чачын нормадан ашып, сел болуп, климаттык өзгөрүүлөр таасир этип жатканын айтып чыкты.

Эске салсак, май айында Ош, Жалал-Абад, Нарын жана Талас, Баткен облустарынын айрым аймактарын сел каптап, жолдор бузулуп, көпүрөлөр жараксыз абалга келди. Учурда Өзгөчө кырдаалдар министрлиги селдин кесепетинен келтирилген чыгымдарды эсептөө менен алек.

ӨКМдин мындай билдирүүсүнөн кийин эле Улуттук илимдер академиясынын «Бийик тоолуу Тянь-Шань» илимий борборунун жетекчиси Рысбек Сатылканов ММКлардын бирине маек берди. Анын айтымында, өлкөнүн Ысык-Көл облусунда жайгашкан «Кызыл-Суу» метеостанциянын жана «Тянь-Шань-Кумтөр» метеостанциянын маалыматы боюнча көп жылдан бери жаан-чачын өзгөрүүсүз уланып келе жатат. Болгону жылдык гана өзгөрүүлөр бар. Бир жыл жамгыр аз болсо, кийинки жылы көп болот. Ал эми абанын температурасы болсо көтөрүлүп жатат. Ысык-Көл облусунда 1950-жылдан бери абанын табы 1,4 градуска чейин көтөрүлгөн. Ал эми 1930-жылдан бери «Кумтөрдүн» айланасында 1,6 градуска чейин көтөрүлдү. Абанын табы ар бир регионду ар түрдүү көтөрүлгөн. Адистин айтымында жаан-чачындын көп болушу 100 жылдан бери кайталанып келе жаткан көрүнүш. Болгону селди алдын алуу иштери Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан жакшы көзөмөлгө алынбай жатат.

Ата-баба салты боюнча аба ырайынын кандай болорун жылдыздарга, жаратылыштын белгилерине карап божомолдогон "Санжыра" борборунун директору, картограф, профессор Асыкбек Оморов болсо, жаратылышта жазылбаган мыйзамдар бар экендигин айтат. Ал эгер жазында сел көп болсо, кыштын жеңил болоорун белгилейт.

Бирок, мындай табияттын кырсыктары адамдарга кайгы алып келет. 2021-жылы жаз айларында Кыргызстанда нөшөрлөгөн жаан жааган. Мындан улам айрым айылдарда катуу сел жүрүп, турак жайларга чыгымдар келтирилип, Аксы районунда сегиз адамды сел агызып кеткен. Алардын алтоо бир үй-бүлө мүчөлөрү болгон. Андан тышкары Сузак районунан бир наристенин жана Лейлек районундагы Ак-Терек айылынан бир уландын өмүрүн алган.

Пайыздык көрсөткүчтөргө таянып айта турган болсок, Кыргызстанда кырсыктардын 31%ы сел жана суу ташкыны. Андан кийинки орунда кар көчкү, жер көчкү, жер титирөө, жер алдындагы суулардын көтөрүлүшү, метеорологиялык жана техногендик процесстер турат. Айрыкча акыркы он жылдыкта сел жана суу ташкыны көп катталып жатат. Элет эли да акыркы эки жылда сел болуп көрбөгөндөй катуу келип жаткандыгын айтышууда. Адистер мунун баары температуранын жогорулашы жана жаан-чачындын көптүгүнөн болууда деп ишендиришүүдө.

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин эсептөөлөрү боюнча жыл өткөн сайын өлкөдө жаратылыш кырсыктарынын саны көбөйүп, чыгымы да жогорулап жатат. Эгер акыркы жылдарды ала турган болсок, 2017-жылы табигый кырсыктар 464,7 млн сом материалдык зыян алып келген. Ири чыгымдар сел, жер титирөө, суу ташкыны жана жер көчкү жүргөн аймактарга туура келет.

2018-жылы өлкө аймагындагы табигый кырсыктардан 236,6 млн сомдук зыян келтирилген. Бул жылы жаан-чачын көп жаап, сел бир кыйла түйшүк жараткан.

2020-жылы табигый кырсыктар келтирген материалдык чыгашанын көлөмү 264,4 млн сомду түзгөн. Бул жылы өлкө сел, катуу шамал жана тоо-таштын кулаганынан зыян тарткан.

2021-жылдын тогуз айындагы маалыматтар боюнча табигый кырсыктардын материалдык зыяны 491 млн сомдон ашкан.

Дүйнөлүк уюм 2021-жылдын сентябрында климаттын өзгөрүшү боюнча докладын жарыялап, анда 2050-жылга карата дүйнөнүн алты аймагында 216 млн киши үй-жайын таштап, коопсуз жай издеп кетүүгө аргасыз болушарын белгилеген. Былтыр Лейлек районундагы Ак-Терек айылынын тургундары да селдин келиши катуулагандыктан ал жерден көчүп кетүү керек деген маселени көтөрүп чыккан.

Өзгөчө кырдаалдар министрлиги дайыма жаратылыш кырсыктарын алдын алуу чараларын көрүп жатканын айтып келет. Дамбаларды бекемдөө, кооптуу аймактан элди көчүрүп кетүү иштерин жүргүзүүдөбүз деген менен кырсыктарды алдын алуу чаралары тиешелүү деңгээлде эмес.

Ушул жылдын 12-майында Түштүк Корея Кыргызстанга климаттык өзгөрүүлөрдү жана жаратылыш кырсыктарын алдын алууга 5 миллион АКШ долларын грант түрүндө бере тургандыгын Тышкы иштер министрлиги билдирди.

Бул маалымат Кыргызстандын тышкы иштер министринин орун басары Динара Кемелова менен Түштүк Кореянын климат жана айлана-чөйрө боюнча эл аралык комитетинин президенти Вон Тэ Юндун 12-майдагы жолугушуусунда айтылган.

Долбоор ишке ашкандан кийин метеорологиялык жана экологиялык анализ үчүн алгачкы маалыматтарды алуу, климаттык чөйрөнү баалоо ыкмаларын аныктоо мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Анын арты менен климаттын өзгөрүү нугун басаңдатууга, табигый кырсыктар менен күрөшүү саясатын аныктоого шарт жаралмакчы.

Кыргызстанда табигый кырсыктардын алдын алуу, климаттык кризиске чара көрүү жаатында аракеттер, тиешелүү жабдыктар жетишсиз экени чындык. Эми министрлик бул жаатта эки эселеп иштөөгө мажбур. Айрыкча быйылкы жаан-чачындын көп болуп жаткандыгынан улам калктуу конуштарга селдин катуу келишин алдын алууга көңүл буруу зарылчылык болуп турат.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

ЧҮМКӨНГӨН ТЕЛЕЖЫЛДЫЗДАР

"Талибандын" (Кыргызстанда тыюу салынган) буйругуна ылайык Ооганстандын Шамшад ТВсында эмгектенген аялдар эфирге жүзүн жаап чыга башташты. Көптөгөн каршылыктарга карабай талибдердин лидери Хайбулла Ахунзаденин аялдарды коомдук жайларда жүзүн жана денесин толук жаап жүрүүгө милдеттендирген буйругу күчүнө кирди.

"Талибан" кыймылы былтыркы жайда Ооган бийлигин басып алгандан бери аялдардын укуктарын бир топ чектеген буйруктарды кабыл алган. Мисалы, өлкөнүн көпчүлүк аймактарында кыздар 6-класстан кийин орто мектепке бара алышпайт. Ошондой эле ооган аялдарына жанында эркек тууганы жок саякаттоого тыюу салынат. Эрежеге баш ийбеген аялдардын аталары, жакын эркек туугандары иштен алынып, же түрмөгө камалып жазаланышат.

БАШ АЛАМАНДЫКТА КАЗА БОЛГОНДОР БАР

Тажикстандын Рушан районундагы каршылык акциясында 8 адам каза болуп, 27 адам жаракат алган. Ал эми 114 жергиликтүү тургун баш аламандыкты уюштурду деген күнөө менен камакка алынган.

Хорог шаарынын жүздөгөн тургундары Тоолуу Бадахшан автоном облусунун башчысы Алишер Мирзонаботанын жана шаардын мэри Ризо Назарзоданын отставкасын жана акыркы кырдаалдардан улам айрым жергиликтүү тургундарды куугунтуктоону токтотууну талап кылышкан. Жыйынтыгында тажик бийлиги жана укук коргоо органдары баш аламандыкты уюштуруучуларды "террордук топтордун активдүү мүчөлөрү" деп атап, аларга каршы туруу күрөшүн күчөтөрүн эскертишкен.

"МАЙМЫЛ ЧЕЧЕГИ" ВИРУСУ КҮЧ АЛДЫ

Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун лидерлери "маймыл чечеги" оорусуна каршы күрөшүү үчүн чукул жыйынга чогулмай болушту. 1958-жылдан бери Африкада гана кездешүүчү бул вирус дүйнөнүн 14 өлкөсүндө катталып, 92ден ашык адамда аныкталган. Оорунун негизги белгилерине дене табынын көтөрүлүшү, чыйрыгуу, чарчоо, баш оору кирет. Ошондой эле териде исиркектер пайда болуп, бүт денеге тарайт. Өлүм көрсөткүчү 1ден 10 пайызды түзгөн бул вирустун инкубациялык мезгили 5 күндөн 21 күнгө чейин созулат.

МУШКЕРЛЕРДИН БЕТТЕШҮҮСҮ ТАКТАЛДЫ

Антонина Шевченконун Абсолюттук мушкерлер уюмунун (UFC) алкагында кезектеги беттешүүчү күнү белгилүү болду. Ал 10-июлда UFC Fight Night 209 турнирине катышат. Атаандашы - америкалык Кортни Кейси. Андан тышкары бул турнирде кыргызстандык Рафаель Физиев менен бразилиялык Рафаель дос Анжостун беттеши негизги катары белгиленген. Антонина Шевченко UFCде 6 беттештин ичинен 2 жолу жеңишке жетип, 4 жолу жеңилүү ызасын тарткан. Ал эми Кортни Кейс 15 беттештин алтоосун гана жеңген.

СУЛУУЛУК САЛОНДОР ИШСИЗ КАЛДЫ

Түркмөнстандын жаңы президенти аялдардын кийимине жана жүрүм-турумуна карата катаал тыюуларды дагы деле киргизип жатат. Буга чейин аялдар коомдук транспорттордо алдыңкы орунга отурууга болбой тургандыгы айтылган. Эми өлкөдө аялдарга кирпик узартууга, ботокс сайдырууга, кашка татуаж жасатууга, тырмакчачты боётууга, денесине чапташкан шым, көйнөктөрдү кийүүгө жана кош бойлуулук 5 жумадан ашса аборт жасатууга тыюу салынды. Тыюулар күчүнө кирген күндөн баштап ар кандай авиакомпанияларда эмгектенген 20га жакын стюардесса жумуштан бошотулган. Алардын дээрлик бардыгы эриндерин чоңойтуп жана каштарына татуаж жасаткандар. Ал эми борбор калаадагы сулуулук салондорунун ээлерине да тыюу салынган кызмат көрсөткөндөрү үчүн ири суммадагы айып пул салынып, 15 суткага камакка алынаары эскертилген.

Даярдаган
Разия ЖООШБАЕВА

Новости Синьцзяна

КАШГАРСКИЙ РАЙОН КАК ОБРАЗЕЦ ДЛЯ ВОЗРОЖДЕНИЯ ДЕРЕВЕНЬ

В Управлении возрождения сельской местности Кашгарского района Синьцзяна сообщили, что 201 уездная деревня для возрождения сельской местности в регионе имеет четкие цели и идеи планирования. Уезд и волость инвестируют около 200 миллионов юаней, чтобы помочь перестроить их в красивые деревни, в которых приятно жить и работать.

Одной из демонстрационных деревень по возрождению сельской местности является деревня Юклибман в поселке Серяк, уезд Юэпуху, Кашгарский район. Репортер, приехав туда, увидел, что одна из трех промышленных баз, которые должны быть построены в деревне для обогащения населения, - база по разведению лесных кур построена. Сун Вэйчэн, руководитель оперативной группы Синьцзянского департамента торговли в деревне, рассказал, что база предназначена для выведения и разведения 10 000 цыплят, которые имеют высокую питательную ценность и могут увеличить доход фермеров. Рядом с племенной базой находится детская площадка, которая пользуется популярностью. База будет развивать и сельский туризм, чтобы решить проблему занятости.

Деревня Юклибман поощряет развитие семейных фермерских хозяйств. Например, Бахаргуль Шадер разводит 2500 голубей и 25 коров. В прошлом году она заработала 100 000 юаней на продаже только голубей. Оба её сына нашли работу в округе, и зарабатывают более 3000 юаней в месяц. Сун Вэйчэн сказал, что занятость играет большую роль для достижения возрождения сельской местности. В этом году 925 рабочих в деревне гарантированно получат стабильную работу и стабильный доход.

В соответствии с планом по возрождению сельской местности в округе Юэпуху в этом году начнется строительство очистительных станций, общественных туалетов и культурных объектов в деревне Юклибман. Ожидается, что 201 населенный пункт инвестирует около 200 миллионов юаней в фонды поддержки, которые будут использованы для развития промышленности, занятости, строительства сельской инфраструктуры, для дальнейшего улучшения условий жизни и закрепления достижений по борьбе с бедностью. Этот метод может быть использован в качестве образца для других деревень.

(CNS, Чжу Цзинчао)

КАШГАР ОТКРЫВАЕТ НОВЫЕ ТОРГОВЫЕ МАРШРУТЫ

Как рассказали в Кашгарской комплексной бондовой зоне, в первом квартале этого года объем её импорта достиг более трех млрд юаней, увеличившись на 571,4%. Ма Хайтао, директор Комитета по комплексному управлению бондовой зоной Кашгара, сообщил, что за первый квартал объем импорта и экспорта Кашгара составил 7,07 млрд юаней.

Кашгарская комплексная бондовая зона является единственной специальной зоной таможенного контроля на юге Синьцзяна. Ма Хайтао объяснил, что таможенные логистика и обработка способствуют скоординированному развитию и быстрому росту внешнеторгового бизнеса. В этом году Кашгарский район открыл ряд логистических каналов в западном направлении. Благодаря своему географическому положению он осуществляет торговлю с Центральной Азией и Европой по суше, а также открыл грузовые чартерные маршруты из Кашгара в Пакистан, Бельгию и Венгрию. Что содействует развитию внешней торговли.

Кашгарская таможня заявила, что внешняя торговля Кашгара имеет внушительную внутреннюю развивающуюся силу. Товары из района Большого залива Гуандун-Гонконг-Макао также собираются в Кашгаре для отправки в Европу. Кашгар постепенно становится новой площадкой для открытия внешнего мира.

(CNS, ЧжуЦзинчао)

ВОЕННЫЕ ПРИХОДЯТ НА ПОМОЩЬ И В МИРНЫЕ ДНИ

Ван Чжэнгуй, отставной военный из Кашгара, посетил Нур Курбана, фермера в уезде Файзабад, что в 100 километрах от него. Они познакомились три года назад и с тех пор стали большими друзьями.

В 2019 году старшая дочь Нур Курбана Айхумал поступила в Кашгарский университет. На тот момент Нур перенес операцию по поводу опухоли головного мозга, ему требовались реабилитация и хороший уход. Младшая дочь еще училась в школе, и семья столкнулась с финансовыми трудностями. Айхумал решила бросить учебу и начать работать. Ван Чжэнгуй, который узнал о ситуации, отправил ей 7000 юаней и сказал, что она должна закончить учебу, что он поможет ей финансово. Сейчас Айхумал учится на третьем курсе, а ее сестра в прошлом году поступила в Синьцзянский колледж Чанцзи.

«Мы каждую неделю разговариваем с дядей Ван по WeChat, он спрашивает о моей учебе и говорит, что знания помогут мне в будущем. Я ему очень благодарна», - сказала Айхумал. По ее словам, здоровье отца улучшилось, и в феврале этого года Ван Чжэнгуй пригласил семью приехать в Кашгар в гости, а также выделил сестрам пособие на жизнь в размере 6 000 юаней.

Ван Чжэнгуй родился в Динси, провинции Ганьсу в бедной семье, поэтому для получения образования он чаще полагался на случайные подработки и помощь доброжелателей. Когда вырос, пошел в армию, служил многие годы, вышел в отставку в 1997 году и сейчас работает в одной из компаний в Кашгаре.

Известно, что он и его команда «Зеркало любви» оказали различную помощь тысяче с лишним детей. Ван Чжэнгуй признался, что у его жены нет стабильной работы, а две его дочери еще учатся в школе, поэтому семья бывает финансово стеснена. Поначалу члены семья возражали против его благотворительности. «Я всегда рассказывал им о своем воспитании, о том, в какие сложные ситуации попадают люди, и они постепенно поняли меня», - сказал он. Его дочь теперь присоединилась к его команде и завела много друзей среди сверстников из разных этнических групп.

(CNS, Чжу Цзинчао)

СПСК ИССЛЕДУЕТ НОВЫЕ МОДЕЛИ РАЗВИТИЯ РЫБОЛОВСТВА

Год назад СПСК запустил проект по развитию экологического рыбоводства в Синьцзяне, который является ключевым научно-исследовательским проектом, осуществляемым Таримским университетом при Национальном министерстве науки и технологий. В первых экспериментах по выращиванию рыбы в соленой воде был достигнут очень большой успех, что позволило создать новую модель рыбоводства в южном Синьцзяне.

Площадь водно-болотных угодий парка «Лебединое озеро» составляет 520 му, разделенных на две части - северную и южную. Они образовались из щелочного дренажного канала на южном берегу реки Тарим и имеют соленые воды. Каждый год сюда прилетают лебеди, бакланы, цапли, белоголовые желтые утки и другие птицы. В последние годы город Алар привлекает все больше туристов своими флорой и фауной. Что помогает одновременно увеличить доход жителей.

(CNS, Ян Чжэнсюй, Чжан Цзянь)

НОВАЯ ТЕХНОЛОГИЯ ВЫРАЩИВАНИЯ ХЛОПКА ЭКОНОМИТ РЕСУРСЫ

Абду Айшан, работник города Тумшук, высоко оценил новую технологию посева хлопчатника, которая в этом году получила широкое распространение в южной части Синьцзянского производственно-строительного корпуса.

По этой технологии было засеяно 845 000 му (1 га = 15 му) хлопчатника. Если раньше семена хлопка прорастали от 7 до 10 дней, то в этом году с использованием новых методов посева они прорастают за 4 дня. А это - экономия времени, энергии и воды.

Новые технологии могут сэкономить в среднем 120 кубометров воды на му, а общая экономия воды на 845 000 му хлопковых полей превышает 100 миллионов кубометров, что эквивалентно емкости водохранилища из 7 западных озер в Ханчжоу. Большинство мелиоративных территорий СПСК расположены на краю пустыни, и водных ресурсов не хватает. Для достижения устойчивого развития сельского хозяйства несколько поколений СПСК неустанно исследовали и практиковали разные методы полива, начиная с дождевального, самонапорного, родникового орошения и заканчивая капельным орошением.

СПСК даже организовал такие научно-исследовательские институты и университеты, как Шихэцзы, Таримский университет, Синьцзянская академия сельскохозяйственной мелиорации, НИИ сельскохозяйственных наук Санши и направил большое количество специалистов по посадке хлопка на юг СПСК для изучения и решения проблем продвижения и применения новых технологий. И усилия не прошли даром!

(CNS, Чжан Мэйлин, Цзян Мэн)

БАГРАШ – БОЛЬШОЙ ЭКОЛОГИЧЕСКИЙ ПАРК

Весной уезд Баграш, расположенный у южного подножия гор Тянь-Шань, необычайно красив: множество лужаек с красочными цветами, голубое небо, изумрудная чистая вода реки Кайду. Чтобы привлечь как можно больше туристов, в уезде Баграш соединили экологическую и культурную зону реки Кайду с туристической живописной зоной озера Баграшкель 5А. В итоге созданы шесть таких функциональных зон, как ландшафтный пояс, зоны отдыха и развлечений на берегу реки, развлечений на цветочном поле, комплексного обслуживания, которые превратили Баграш в большой экологический парк, подходящий для жизни, экскурсий и работы.

(CNS, Нянь Лэй)

“Достук – 2022”

ХОР МАЙРАМЫ ДАҢАЗАЛАНДЫ

Эгемендүү өлкөгө айланганыбызга 30 жылдан ашып баратат. Жетишкен ийгиликтер менен катар кемчиликтерди салыштырсак айырмасы асман менен жердей. Айрыкча маданият тармагы жапа чекти. Кайсы бирин айтып түгөтөбүз? Мисалы, жер иштетип, мал баккан дыйкан-фермерлердин, ишкерлердин же тоо-кен тармагында эмгектенгендердин турмушунда бурулуштар байкалууда. Аз пайыз менен насыяларды алгандар каражаттарына сапаттуу үрөн, жер семирткичтерди, жабдууларды жана башка муктаждыктарын алышып, аракеттенип жатышат. Буюрса, күздө күркүрөтүп кылган мээнеттерине жараша түшүмдөрүн алышат. Акыбеттери кайтат. Ал эми маданият, искусство, чыгармачылык өнөр дүйнөсүн заматта чыңдап түшүмүн алуу мүмкүн эмес, өң тургай түшкө кирбес. «Маданияттын сапаттуу үрөнүн сээп, баланча күү, түкүнчө симфония, операларды өстүрүп, мол түшүм алабыз» дей албайбыз. Анткени, маданияттын үрөнүн өстүрүү бир жылдык эмгек, мээнетти эмес, нечен жылдык эмгек, мээнетти талап кылат турбайбы. Ыр-күүлөрдүн үрөндөрүн сатып алуу мүмкүн эмес, искусство курмандыкты талап кылары ыраспы? Маданият үрөндөрү таланттуу өнөр адамдарынын жүрөгүндө пайда болуп, нечен күндүк мээнеттен жаралып келет белем? Ошол таланттуу чыгармаларды жараткан өнөр адамдарына болгон камкордук бөксөрүп келгендиктен 30 жыл ичинде мактанарлык өнөр түшүмүн алалбадык. Кеткен кемчиликтерден четтөө мына эми гана жандана баштады.

16-майда борбор шаарыбызда “Достук – 2022” хор боюнча фестиваль өттү. Жолдун алыстыгына карабай Ош облусунан, Каракол шаарынан хор фестивалына катышуучулар келишти. Каржы маселесинин чечилбегендигинен келбей калгандар да болду. К.Молдобасанов атындагы улуттук консерваториясынын концерттик залында фестиваль башталды. Композитор, музыка таануучу Тимур Саламатов баш болгон жюри мүчөлөрү калыстык кылышты.

Хор искусствосу татаал искусство экендиги талашсыз. Бир нече үндө чыгармаларды аткаруу, ажарын ачууда ар бир аткаруучунун, айрыкча дирижёрдун салымы чоң, коштогон концертмейстердин эмгеги зор.

Кабарчы катары эле эмес, жарым кылымга тете, 49 жыл мурда Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыкалык-педагогикалык факультетинин бүтүрүүчүсү катары Ош мамлекеттик университетинин, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин хор коллективдерин сүрөө, күйөрмандык кылуу үчүн бардым.

Курсташым, аталган педагогикалык университетинин окутуучусу Жамила Усубалиева алгач өздөрү жөнүндө төмөндөгүлөргө токтолду. Хор жамаатын ректор Зулуев Бекмурза Бекболович өзү баш болуп коштоп келген. Каржы жагын ириде чечип, хор катышуучуларынын маанайын көтөрүп, шарт жагдайын шай кылууга жетишкен. Алтымышка чукул катышуучуларды даярдоо албетте, оңой болбогон. Аталган педагогикалык университеттин музыкалык факультетинин деканы, педагогика илимдеринин кандидаты Кундузкан Миңбаева бир айдан ашык даярдык көргөндөрүнө токтолду. Айтканында калет жок. Репертуарлары бай. Дүйнөлүк көрүнүктүү композиторлор менен бирге кыргыз композиторлорунун чыгармалары орун алган.

Кыргыз хор искусствосун өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошкон Султан Юсуповдун эмгегин айтып болбос. Айталык, төкмөлөрдүн төрөсү Алымкул Үсөнбаевдин сөзүнө чыгарылган Султан Юсуповдун “Кыз бала экен жылкычы” хору не деген керемет?! Кашкөй акын Байдылда Сарногоевдин сөзүнө чыгарылган композитор Насыр Давлесовдун “Селкинчеги» не деген бийиктик. «Селкинчекти калтырган айдай Чүрөк эжебиз» деген саптары сансыз кылымды карыткан оюн-зоогубуздун зоболосун көтөрүп турду.

Концертти К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын студенттик аралаш хору баштады. Хордун жетекчиси Юлия Остапенко. Албетте, жогорку деңгээлде хор чыгармаларын аткарышып, накта музыкалык таалим чөйрөсүнүн артыкчылыгын, музыкалык билимдин тереңдигин бышыктап коюшту. Ушундай эле пикирди М.Күрөңкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу жайынын Аралаш хор коллективине айтсак жарашат. Хор жетекчиси, хормейстери – Олеся Кукес. Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин “Музыка жана ырдоо” кафедрасынын хору да алдына камчы салдырбады. Хормейстери – Айша Алымбаева. Гүлбарчын Жакшылыкова жетектеген «Барчын» капелласынын аткарган хорлору, Толкун Чомоева жетектеген Каракол шаарындагы согуштун жана эмгектин ардагерлеринин «Арча» элдик хор коллективинин аткарган хорлору эсте калды.

Айрыкча басымды алыстан келген хор коллективдерине айтпасак болбос. Чыгаан музыканттарды туурунан учурган жагынан аталган жогорку окуу жайлардын орду опол тоодой. Ырдын пири Рыспай Абдыкадыров, Кыргыз Республикасынын эл артисттери Жолболду Алыбаев, Токон Эшпаев жана башка таланттарды таптаган жогорку окуу жайлардын учурда да уучу куру эмес. Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин хор коллективи аткарган чыгармалары менен чырайына чыкты. Мында Канышайым Сагынбаева эжебиздин эмгеги теңдешсиз. Далай музыканттарды аккордионист кылган мыкты музыкант Маматов жакшы обондорду да чыгарган, алардын бири «Кара-Шоро». Бул ырды хорго айлантуу, бир нече үндө аткаруу максатына жеткен.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин музыкалык билим берүү жана аны окутуунун усулу кафедрасынын аралаш хору аткарган чыгармалардын чырагына май таамп турду. Хор жетекчиси Баяман Сагынбаевдин эмгектери текке кетпеди. Ийгиликтери бийиктеди. Бир сөз менен айтканда чер жазылат.

Ушул жерде хор искусствосунун зор маанисине токтоло кетелик. Хор искусствосу айрыкча Балтика боюндагы өнүккөн өлкөлөрдө өзгөчө өнүккөн. Миңдеген катышуучулардан турган хорлор жүз миңдеген көрүүчүлөрдү сыйдырган стадиондордо тамшандырып турган. Биримдик, ырашкерлик, тынчтыкты даңазалашкан.

Фестивалдын байге фонду 1 млн сом. 10 хор коллективи ат салышты. 1-орунга К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын студенттик аралаш хор коллективи менен М.Күрөңкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу жайынын Аралаш хор коллективи жетип, ар бири 80000 сомдон алышты. 2-орунга Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин хор коллективи менен М.Күрөңкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу жайынын студенттик кыздар хор коллективи, Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин «Музыка жана ырдоо» кафедрасынын хор коллективи чыкты. Ар бирине 75000 сомдон берилди. 3-орунга Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин хор коллективи, «Барчын» каппеласы, Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин «Хор дирижёрлугу» кафедрасынын хор коллективи, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттик-академиялык хор коллективи, Каракол шаарынан келген «Арча» элдик хор коллективи татыктуу болушту. Ар бирине 70000 сомдон берилди. Ошондой эле кызыктыруучу сыйлыктар ээлерин тапты.

КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен КР Билим жана илим министрлиги мындай хор искусствосун өнүктүрүүгө мындан ары өзгөчө көңүл бурары бышык болуп калды.

Улуттук тарых музейинин алдындагы тандалган хорлордон турган гала концерт генералдык репитиция болуп калды десек ак сөз. Т.Сатылганов атындагы Улуттук филармониянын камералык хору жана А.Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын хору катышып, 12 хор коллективи биргеликте С.Юсуповдун «Кыз бала экен жылкычы», Н.Давлесовдун «Селкинчек» жана башка хорлорун баш кылып аткарышты.

Айчүрөк МАКЕШОВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

МУГАЛИМДЕРГЕ ТАЛАП ӨЗГӨРӨТ

Мындан ары медициналык окуу жайларда TOEFL, TOEIC, IELTS сыяктуу сынактардан сертификаты бар мугалимдер гана сабак бере алат. Бул тууралуу Билим берүү жана илим министри Алмазбек Бейшеналиев билдирди. Анын айтканына караганда медициналык окуу жайда сабак берип жаткан мугалимдин тил жөндөмдүүлүгү боюнча мындай жаңы критерийлердин киргизилиши – азыркы учурдун талабы. Бул талаптар билим сапатын көтөрүүгө багытталган. Анткени, бүгүнкү күндө B1 деңгээлиндеги англис тилин билген мугалимдер сабак берсин деген талап болгон менен аны тастыктаган эч бир документтери жок эле жүздөгөн, миңдеген мугалимдер сабак берип келишет. Албетте тааныш-билиш жагдайлар аркылуу жумушка орношкондор дагы арбын. Мындай мыйзамсыз иш-аракеттерге бөгөт коюу максатында министрлик кескин чараларга барып жаткандыгын баса белгилейт.

ДЫЙКАНДАРДЫН ЭМГЕГИ

ЮСАИДдин колдоосу менен Кыргызстандын он айыл чарба ишканасы Ташкент шаарында өткөн "UzFood-2022" көргөзмөсүнө катышты. Өлкөбүздүн ишканалары мөмө-жемиштерди, эт жана сүт азыктарын экспорттоо боюнча жыйырмадан ашуун келишимге кол коюшту. Эң ири келишимдер 1,7 миң тонна алма жана 100 тонна жаңгак менен мистени экспорттоо боюнча түзүлгөн.

Разия ЖООШБАЕВА

Бактыбек МАМЫТОВ

Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн легендасы, чыгаан диктор, Кыргыз Республикасынын эл артисти Бактыбек Мамытов дүйнө салды.

Бактыбек Мамытов 1950-жылы азыркы Ысык-Ата районуна караштуу Алмалуу айылында төрөлгөн. 1967-жылы Чүй районунун Октябрь айылындагы орто мектепти аяктап, совхоздо эмгек жолун баштаган. 1971-жылы Кыргыз мамлекеттик университетине тапшырып аны ийгиликтүү аяктаган.

1975-жылдын мартында Кыргыз ССРинин Телерадио комитетине диктор болуп жумушка алынган. Дээрлик 40 жылдан ашуун аталган мекемеде эмгек өтөгөн.

Бактыбек Мамытов диктор катары балдарга, жаштарга, улууларга арналган көрсөтүүлөрдү, жаңылыктарды, саясий-коомдук берүүлөрдү, айыл чарба, укуктук, тармактык көрсөтүүлөрдү алып барды. Өзгөчө "Кыргызстан" саясий-аналитикалык көрсөтүүсү, "Арноо концерти" сыяктуу берүүлөр элдин эсинде.

Мамлекеттик деңгээлдеги расмий иш-чараларды, майрамдык ири салтанаттарды бийик чеберчиликте алып барган. Анын кайталангыс үнү, мукам тембри, алып баруу манерасы, көрүүчү, угуучуну арбап алар эле.

Ар бир кыргыз үй-бүлөсүнүн бир мүчөсү катары Бактыбек Мамытов эл сыймыгы, эл адамына айланды.

Өлкө алдындагы өзгөчө эмгеги үчүн "Даңк" медалы менен сыйланып, ага Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, 2018-жылы Кыргыз Республикасынын эл артисти наамдары ыйгарылган.

Кыргыз телеберүүсүнө чоң салымын кошкон Бактыбек Мамытовдун элеси биздин жүрөгүбүздө түбөлүккө сакталат.

Маркумдун туугандарына жана жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтабыз.

С.Н.Жапаров, Т.Т.Мамытов, А.Ү.Жапаров, З.К.Базарбеков, С.С.Касмамбетов, А.О.Кожошев, Э.Ж.Байсалов, Д.А.Ашимова, А.К.Эргешов, А.К.Жаманкулов, К.О.Иманалиев, М.Шеримкулов, К.Сартбаева, С.Токтакунова, С.Садыкова, Т.К.Джаманбаева, Т.Т.Казаков, М.А.Бегалиев, М.Абакиров, А.Омурканов, Г.С.Базаров, Ш.Т.Алсеитова, А.А.Алдашева, Г.А.Молдоева, М.Мамбетакунов, М.Мамазаирова, Б.Жайчиева ж.б.

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООПСУЗДУК КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2022-жылдын 20-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңеши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №6, 510-ст.) төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

1) 4-берененин 7-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«7) коргонууну жана коопсуздукту камсыз кылуу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын ишин өркүндөтүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине сунуштарды киргизүү;»;

2) 5-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5-берене. Коопсуздук кеңешинин курамы жана аны түзүү тартиби

Коопсуздук кеңешинин курамын Кыргыз Республикасынын Президенти түзөт.»;

3) 6-берененин 3-бөлүгүндө «Премьер-министри», «Премьер-министринин» деген сөздөр тиешелүү түрдө «Министрлер Кабинетинин Төрагасы», «Министрлер Кабинетинин Төрагасынын» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

4) 8-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Коопсуздук кеңешинин Катчылыгы Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын өз алдынча түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.»;

5) 9-беренеде:

а) 1-бөлүктүн биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Коопсуздук кеңешинин ишинин негизги уюштуруучулук формасы болуп анын жыйналышы саналат. Коопсуздук кеңешинин жыйналыштары зарылчылыкка жараша өткөрүлөт.»;

б) 6-бөлүктө «, алар Коопсуздук кеңешинин катчысынын жетекчилигинде өткөрүлөт» деген сөздөр алып салынсын;

в) 8-бөлүктө «Өкмөтүнүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

6) 4-глава төмөнкүдөй мазмундагы 9^1-берене менен толукталсын:

«9^1-берене. Коопсуздук кеңешинин ыкчам жана жумушчу кеңешмелери

1. Улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун башкаруу чечимдерин, анын ичинде ыкчам же кечиктирилгис мүнөздөгү башка чечимдерди кабыл алууну талап кылган маселелерди талкуулоо үчүн Коопсуздук кеңешинин айрым мүчөлөрүнүн катышуусу менен анын ыкчам жана жумушчу кеңешмелери өткөрүлүшү мүмкүн.

2. Коопсуздук кеңешинин ыкчам жана жумушчу кеңешмелерин Коопсуздук кеңешинин Төрагасы алып барат.

Коопсуздук кеңешинин Төрагасынын тапшырмасы боюнча ыкчам жана жумушчу кеңешмелер Коопсуздук кеңешинин катчысынын жетекчилиги астында өткөрүлүшү мүмкүн.

3. Коопсуздук кеңешинин ыкчам жана жумушчу кеңешмелери, эгерде аларга анын мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан кем эмеси катышса, чечим кабыл алууга укуктуу болуп саналат.

4. Коопсуздук кеңешинин ыкчам жана жумушчу кеңешмелеринде чечимдер Коопсуздук кеңешинин катышып жаткан мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протоколдор менен таризделет.

5. Коопсуздук кеңешинин ыкчам жана жумушчу кеңешмелерине мамлекеттик органдардын жетекчилери жана башка адамдар чакырылышы мүмкүн.»;

7) 10-беренеде:

а) 6-пунктта «кезектеги жана кезексиз» деген сөздөр алып салынсын;

б) 10-пунктта «Кыргыз Республикасынын Премьер-министри менен макулдашуу боюнча» деген сөздөр алып салынсын;

8) 12-беренеде:

а) 10-пунктта «чечими» деген сөз «Төрагасынын тапшырмасы» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы 13-пункт менен толукталсын:

«13) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.».

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 20-майы, №34

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О СОВЕТЕ БЕЗОПАСНОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 20 апреля 2022 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О Совете безопасности Кыргызской Республики» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №6, ст. 510) следующие изменения:

1) пункт 7 статьи 4 изложить в следующей редакции:

«7) внесение предложений Президенту Кыргызской Республики о совершенствовании деятельности государственных органов по вопросам обеспечения обороны и безопасности;»;

2) статью 5 изложить в следующей редакции:

«Статья 5. Состав Совета безопасности и порядок его формирования

Состав Совета безопасности формируется Президентом Кыргызской Республики.»;

3) в части 3 статьи 6 слова «Премьер-министр» и «Премьер-министра» заменить соответственно словами «Председатель Кабинета Министров» и «Председателя Кабинета Министров»;

4) часть 2 статьи 8 изложить в следующей редакции:

«2. Секретариат Совета безопасности является самостоятельным структурным подразделением Администрации Президента Кыргызской Республики.»;

5) в статье 9:

а) абзац первый части 1 изложить в следующей редакции:

«1. Основной организационной формой деятельности Совета безопасности является заседание. Заседания Совета безопасности проводятся по мере необходимости.»;

б) в части 6 слова «, которые проводятся под руководством секретаря Совета безопасности» исключить;

в) в части 8 слово «Правительства» заменить словами «Кабинета Министров»;

6) главу 4 дополнить статьей 9^1 следующего содержания:

«Статья 9^1. Оперативные и рабочие совещания Совета безопасности

1. Для обсуждения вопросов обеспечения национальной безопасности, требующих принятия управленческих решений, в том числе оперативных или других решений неотложного характера, могут проводиться оперативные и рабочие совещания Совета безопасности с участием отдельных его членов.

2. Оперативные и рабочие совещания Совета безопасности ведет Председатель Совета безопасности.

По поручению Председателя Совета безопасности оперативные и рабочие совещания могут проводиться под руководством секретаря Совета безопасности.

3. Оперативные и рабочие совещания Совета безопасности правомочны, если на них присутствует не менее половины от общего числа его членов.

4. Решения на оперативных и рабочих совещаниях Совета безопасности принимаются большинством голосов присутствующих членов Совета безопасности и оформляются протоколами.

5. На оперативные и рабочие совещания Совета безопасности могут быть приглашены руководители государственных органов и иные лица.»;

7) в статье 10:

а) в пункте 6 слова «очередные и внеочередные» исключить;

б) в пункте 10 слова «по согласованию с Премьер-министром Кыргызской Республики» исключить;

8) в статье 12:

а) в пункте 10 слово «решению» заменить словами «поручению Председателя»;

б) статью дополнить пунктом 13 следующего содержания:

«13) осуществляет иные полномочия, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики.».

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 20 мая 2022 года, №34



■ Жаңы китеп, жаңы табылга

МЕН КҮТКӨН ЫРЛАР

(Өмүрбек Тиллебаевдин “Адамдын Күн жүрүшү” китеби жөнүндө)

Ыр эмне, поэзия деген дегеле кандай түшүнүк, не касиет? Тээ алмустактан не бир керемет акын өттү. Адам өтөт экен, өлбөстүк жок экен, бирок, ошол акындын ыры калды, эй! Миңби, жүзбү жылдар бою жашап келаткан ырлар бар. Окуйсуң, жатка билгениңди кайталайсың. Бул не күч, керемет сыйкыр, кутпу, ыйыктыкпы, жан жолдошпу... Ошондой окшойт. Жалпы пенденин эле жан-дүйнөсүнө ыроолоно, коошо да бербеген ошол ыр деген, дегеле чыгарма, көркөм сөз деген көкүрөгүңдө уялап алганын караң. Кайда барба, айрыкча жалгызда, жекелик жашоо жолдорунда мындай ишенимдүү, ырахаттуу, кусалык, муңу коштогон же өзүңдү, кыялыңды, үмүтүңдү куштай кайкып учурган күч-кубатты, эсеби маселен мен кембагал али таба элекмин. А балким жолуктура да албайм го?..

Алакандай аз кыргызда акын көп, таланты, тубаса, нукура өнөрпоздор аз эмес. Ошондон байыркылыгыңды, сөз баккан, кадырлаган, баа-баркын көкөлөткөн элдин урпагы экениңе сыймыктанасың, кадимкидей дем байлап, эргийсиң. Улуу сөз океаны “Манас” тарыхый дастанын эле айтчы? Чылк эле поэзия го, мазмун, сюжет, драма, насаат, жол-жобо, эскерткич—маяк го... Анан биз кантип ыр, чыгарма жазбай кое алабыз? Бери жакта дүйнөнү жоокердик тил менен айтканда калем менен тамшанта чапкан, не бир менменсиген мамлекеттик басмаларда кайракайра нускаланган Чыңгыз байкебиз турат. Анан эле кыргыз китеп окубай калат деген не, ага өчөшкөнсүп өтө майдаланган, дабдыр, сырты жалтырак а ичинде бүдүр көркөмдүк, ойчулдук жок, итиркейди келтирген китеп сөрөйлөрдүн жайнап чыгып атканын айт, кашайгыр... Э, кокуй, мен да маңызданып, муңканып баратканымды караң...

Улуу жаратканга шүгүр жана кайриет, кечээ эле жакында колума акын Өмүрбек Тиллебаевдин “Адамдын Күн жүрүшү” деген аталыштагы кыйла эле көлөмдүү ыр жыйнагы тийип, окуп чыккандан кийин, “аа бар экен го кыргыз, бар экен го улуу сөз, кайран кыргыздын акындык өнөрү али өр жолдо экен” деп кубандым. Куду өзүм жазгандай толкудум, көзүмө жаш келди, каруума күч келди, кадамыма кубат келди. Муну уккусу келгендерге жар салдым, сүйүнчүлөдүм. Акындын ыр саптарына назар салалы:

***

Космостун кең мейкини, тээ жердеги
Шыбакка байланышкан дирилдеген.

***

Чаң баскан терезелер,
Кайда барсаң эргежээл эрежелер:
“Муну кылба, аны кылба
ары баспа, бери баспа”
А мага аныгында
бир эркиндик керек эле,
шамалдай талаадагы
асмандай чек арасыз
баскандай Айдын бетин
учкандай метеориттер
ааламдын кыйырында.
...Тажатты жердеги жер талаш...
Так талаш, таасир талаш
Бак талаш, байлык талаш.

Кала берсе ар бир үйдүн,
Ишкана, имараттын
коргону бар,
коргонго камалган ойлоруңар.
Мүрзөлөр да тосулган коргон менен.
...Мен өскөн Миялыда
Айылда кичинекей,
Короолор ачык мүлдө,
Кулпу да салынчу эмес
Кайдасың ачык дүйнө?..

Адамсыз учмак эмес учактар да,
Сагыныч толмок эмес кучактарга...

КААКЫМ-КУКУМ

...Күнсүңөрбү жерге түшкөн,
сарылыгың окшош алоо жалынына
жашоонун жолун ула.
Жердин сары жылдыздары
менин жаным-сенин жаның
кыргыз жаны.

КОЗГОЛОҢ ДУХТУН ДЕМӨӨРҮ

Эй, жымжырттык, көшүп жаткан түн менен,
Куш учпаган, ит да чыгып үрбөгөн.
Бейдаректик, сени менен күрөшөм,
Дүйнөңөргө салгым келет дүрбөлөң.

Ойгонгула көзүңөрдү сүргүлөп,
Жатпагыла уйку-соодо үргүлөп.
Ээндиктер аңгырабай, шаңгыра,
Жашагыла чагылгандай дүңгүрөп.

Жиги чыкпай житкен доорлор капкачан,
Издеп сенин дарегиңди таппасам.
Төгүлгөнүн кайра куюп идишке,
Төмөнүнөн өйдө карай акпасам.

Анан да кайран орустун калемгери Антон Чеховдун: “Чыныгы талант ар дайым далдоодо, караламан калк арасында, көргөзмөлөрдөн алыс олтурат” деп жазып кеткени эс дартымда, даргөйүмдө кайрадан жаңырды.

Мен эми кара сөз менен эле безилдей бербейин. Айтылып жаткан Өмүрбек жан үкөмдүн ырларынан дагы да мисал тартайын. Эсил кайталангыс талант, Санчы сынчылыктын соңку үлгүсү Салижан акебиз “төрт тарабы шай келген бүтүн ыр болуш кыйын, айрым жакшы ырларды жалтжулт эткен локомотивдей саптар сүйрөп жүрөт” деген учкул сөзүндөй Өмүкенин бүтүн ырлары менен катар кээ бир мени толкуткан керемет ыр саптарын да бөлүп чыгып ыр сүйөр окурманга устакан тартайын.

***

Ылдамдыктын жебесинде октолуп,
Акыр түбү таштандыга топтолуп,
Жаңы ачылыш жасайсыңбы адамзат,
Же закымдап кетесиңби жок болуп?..

***

“Ич!”-дедиң азабыңды, ичем дедим,
Турмуш, сен, чидер салып кишендедиң.
Чыры жок жашабадым, ошентсе да,
Ыры жок тагдырыма ишенбедим.

Бетиңе миң бир ирет түкүрмөкмүн,
Турмуш, сен, байды жалап, битирди өпкүн.
Илинер илинчегим ырлар гана
болбосо небак баарын бүтүрмөкмүн.

***

Күнгө күйгөн кара бала,
Күн дагы таң калат
карап ага,
сербейип келатабы?
Бүт аалам кошо келет,
Чөп жыттуу,
Шыбак жыттуу,
Гүл жыттуу арабада.

...Азыр эми шаарда,
кара түтүн чыгат көздөн
жашка айланып
таза аба куруп калды.
Кечээ эле учурашкан адамдар
ташка айланып
эстелик болуп туруп калды.
Коштошконго калат окшойм үлгүрбөй...
Кашка Тору сени менен бир жүрбөй
суудай таза, чөптөй жашыл, күлгүндөй,
Аалам-бала жолдон тосот күлмүңдөй.
...Мен бул шаарда көз жумганда,
Аттиң, келип көрбөй калаар!..
Жок, жок мен өлсөм да
Ошол бала өлбөй калаар.
Адамдардын арасынан карап турар,
Балдар-куш, балдар өлбөйт,
канаттуулар...

***

Алыс калган жаштыктын үнүсүңбү,
Унут калган сүйүүнүн гүлүсүңбү?..
Уяң мүнөз, бир сырдуу махабатым,
Сагындым мен жарк этип күлүшүңдү.

Сүйлөбөсө озунуп сүйлөбөйсүң
Жылмаясың, тек гана үндөбөйсүң.
Башка эч кимге окшобос мүнөзүң бар,
Башта эч кимди мен сендей сүйбөгөнсүйм.

Кичинекей боюңда жалын, күч бар,
Жабалактап сен жакка жаным куштар.
Андай болсо түндү кеч, жолго чыккын,
Андай болсо арзууңа жеткин, уч, бар!

Акындын ырларын четинен мисал келтирсем болор эле. Өмүрбек Тиллебаевдин чыгармачылыгына келечекте кененкесири токтолсом деген ниетим бар. Узун сөздүн кыскасы, калганын кызыкдар окурман китепти өзү таап окуп алаар, өздөрүнө аманат дейли...

Дүйшөн КЕРИМОВ

■ Өрүкзарда жаңырган ырлар

ЛЕЙЛЕКТЕГИ ЫР МАЙРАМ

Акын Курбаналы Сабыровдун 80 жылдыгына карата акындын туулуп өскөн жери Лейлек районунда поэзия майрамы болуп өттү. Жыл сайын өтүүчү бул ишчарага Кыргыз эл акыны Акбар Рыскулов, акын Өмүрбек Тиллебаев, жазуучу Ризван Савай, Ахун Жоро Сайтахунов, Өзбекстандык акындар Хабиб Сыддык, Орифжон Мелиев, Сардор Сирожиддин жана Лейлектик акын-жазуучулар, райондун эли катышты. Алгачкы күнү Коргон айылындагы акын Курбаналы Сабыровдун бейитинде куран окулуп, акынды эскеришти. Андан соң Курбаналы Сабыров бир кезде мугалим болуп иштеген мектепке барышып, акындын музейи менен таанышышты. Баарынан да Тогуз-Булак айылындагы акындын ысымын алып жүргөн Курбаналы Сабыров атындагы орто мектептин окуучулары менен болгон кызыктуу жолугушуу эсте калды. Аталган мектептин 1-классынан тартып 11-классына чейинки окуучулары акындын ырларын жатка айтышты. Бирөөсү да бир жеринен такалган же адашкан жок. Окуучулардын жердеши, кыргыздын кыраан акыны Курбаналы Сабыровдун поэзиясын өтө урматтай тургандыгы, алардын акынга болгон балалык тунук сүйүүсү ар бир окулган ырдан сезилип турду.

Эртеси райондук маданият үйүндө негизги иш-чара болуп өттү. Ыр майрамды 31 жылдан бери өз демилгеси, аракети менен уюштуруп келе жаткан лейлектик акын Абдилат Дооров ачып, алгачкы куттуктоо сөздү Кыргыз эл акыны Акбар Рыскуловго берди. Акбар Рыскулов Курбаналы Сабыровдун чыгармачылыгы, экөөнүн бир кезде Дүйшөмбү шаарында өткөн жаш акындардын фестивалына чогуу баргандыгы тууралуу кызыктуу баян курду. Кечеде сөз сүйлөгөн акын Өмүрбек Тиллебаев Курбаналы

Сабыровдун ысымын Бишкектеги көчөлөрдүн бирине ыйгаруу сунушу менен Президент Садыр Жапаровго жана маданият министри Азамат Жамангуловго кайрылуу жасады. Ошондой эле жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнөн мындан он жыл мурда Курбаналы Сабыровдун аты ыйгарылган Бозогүл айылын тезирээк расмийлештирип берүүнү өтүндү.

Өзбекстандан келген акындар ырларын окушту. Айрыкча Курбаналы Сабыров атындагы орто мектептин 2-классынын окуучулары тарабынан даярдалган акындын өмүр жолу тууралуу чакан инсценировкасы залда отурган карыжаштын көзүнө жаш алдырды. Лейлектик обончу Мархамат Кыдырова акындын сөзүнө жазылган обондуу ырларын аткарды.

Кечанин соңунда Курбаналы Сабыров атындагы республикалык сыйлыктын жаңы лауреаттары аталып, аларга акындын элеси түшүрүлгөн төш белги жана акчалай сыйлыктар тапшырылды. Курбаналы Сабыров атындагы сыйлыкка акын Өмүрбек Тиллебаев, жазуучу Ризван Савай, акын Ахун Жоро Сайтахунов жана Махамаджан Ибрагимовдор ээ болушту.

(Ыр майрам тууралуу кеңири материал менен гезиттин кийинки санынан таанышсаңыздар болот).

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

■ Укуктун укуругу узун

ЖАСАЛМА МАРКАЛУУ АЛКОГОЛДУК ИЧИМДИКТЕР

КРнын салык органдарынын кызматкерлеринин 10 күндүк республика боюнча рейддик иш-чараларынын жүрүшүндө акциздик маркасы жок же жасалма маркалуу 20 миң 745 бөтөлкө алкоголдук продукция сатуудан алынды.

Ишкерлерге мыйзамдарга ылайык тиешелүү чаралар көрүлдү. Белгилей кетсек, акциздик маркасы жок же жасалма маркалуу спирт ичимдиктерин сатуу фактыларынын көпчүлүгү "АЮ", "СВВЗ", "Бишкек Алко пром" жергиликтүү өндүрүүчүлөрүнүн продукцияларына тиешелүү болгон. Салык кызматы соода түйүндөрүнөн товарларды кабыл алууда жеткирүүчүлөрдөн алкоголдук продукцияга бардык уруксат берүүчү документтерди талап кылууга чакырат. Ошондой эле, жарандарды акциздик маркасы жок же жасалма акциздик маркалар менен алкоголдук продукция сатылган фактыларды көргөндө жергиликтүү салык органына, 116 жана (0779) 61-31-89 (whatsapp) номерине кайрылууну суранат.

ЭКИ МЛН СОМДОН АШЫК ЗЫЯН

Баткен облустук прокуратурасы тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүдө, Сүлүктү ШИИБинин каржы бөлүмүнүн башчысы М.Р. 2019-2021-жылдарда өзүнө тийиштүү айлык акысынан сырткары негизсиз 2 млн 482 миң 586 сомду жана ШИИБинин башка кызматкерлерине 138 миң 77 сомду которуп, өз кызыкчылыктарына пайдаланып келгендиги аныкталды. Мындан сырткары, жалданма жана жарандык персоналдарга жалпы 520 миң 393 сом мыйзамсыз төлөнүп берилип, мамлекетке келтирилген зыяндын жалпы суммасы 3 млн 141 миң сомду түзгөн. Бул фактылар боюнча Баткен облустук прокуратурасы тарабынан Кылмыш-жаза кодексинин 337-беренеси (Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу) менен кылмыш иши козголуп, тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

МИЛИЦИЯ КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ПАРА МЕНЕН КАРМАЛДЫ

Бишкек шаардык прокуратурасы тарабынан КР ИИМинин ички иликтөө кызматы жана УКМК менен биргеликте Бишкек шаарынын Октябрь РИИБинин ШМБ-3 (ГОМ-3) аймактык тескөөчүлөрү; милициянын ага лейтенанты А.У.Э., милициянын лейтенанты А.уулу И. 5000 сом пара алып жаткан жеринен кармалышты. Тергөөдө аталган милиция кызматкерлери узак убакыттан бери туруктуу негизде О.Г. аттуу жаранды "кылмыш жообуна тартабыз" деп коркутуп, анын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген маалыматтарды таратуу аракети менен опузалап, андан акча алып жүрүшкөндүгү аныкталды. Аталган милиция кызматкерлери Бишкек ШИИБинин убактылуу кармоочу жайына киргизилди.

Даярдаган
Жазгүл КАРБОСОВА

На основании заявлении граждан,
Государственный природный парк «Чон-Кемин»
ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС
для передачи в аренду из земель, Нижне-Кеминского, Быстровского лесничества в кварталах №3, 16, 31, 32 для озеленения, рекреационных целей и для развития туризма.
Заявки принимаются до **25.06.2022 г.** по адресу: **село Торт-Куль, ул.Ч.Айтматова №17 в администрации ГПП «Чон-Кемин».**
По вопросам обращаться по тел.: (0701) 55-51-94. Н-968

На основании заявлении граждан,
Государственный природный парк «Чон-Кемин»
ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС
для передачи в аренду из земель, Нижне-Кеминского, Быстровского лесничества в кварталах №17, 19, 20, 21-30, 31, 32 для озеленения, рекреационных целей и для развития туризма.
Заявки принимаются до **30.06:2022 г.** по адресу: **село Торт-Куль, ул.Ч.Айтматова №17 в администрации ГПП «Чон-Кемин».**
По вопросам обращаться по тел.: (0701) 55-51-94, (0701) 55-51-83. Н-973

Судебный исполнитель подразделения службы судебных исполнителей Аламудунского района Николаева С.В.
ОБЪЯВЛЯЕТ АУКЦИОН
на жилой дом, кирпичный, общей площадью - 66,01 кв.м., жилой площадью - 55,77 кв.м., на земельном участке мерою - 770,0 кв.м., расположенный по адресу: с.Лебединовка, пр.Ленина, 206, принадлежащий Грибинюкову Владимиру Яковлевичу.
Публичные торги состоятся в **10.00 часов 30.06.2022 года** в подразделение службы судебных исполнителей Аламудунского района.
Установив его начальную (стартовую) продажную цену в размере 3 099 227, 95 (три миллиона девяносто девять тысяч двести двадцать семь) сом 95 тыйын.
Для участия в торгах необходимо внести **5% - 154 961 (сто пятьдесят четыре тысячи девятьсот шестьдесят один) сом,** гарантийного взноса зачислив данную сумму Чуйский филиал ОАО "РСК Банк", БИК **440001**, код платежа **14511900**, лицевой счет подразделения службы судебных исполнителей Аламудунского района **4403012100000388**, (адрес ЧФ ОАО "РСК Банк", г.Бишкек, пр.Чуй, 43).
Прием заявок и квитанций о зачислении гарантийного взноса на участие в аукционе заканчивается за один день до начала аукциона.
Участник, выигравший публичные торги обязан в течение семи дней внести на расчетный счет подразделения службы судебных исполнителей Аламудунского района покупную цену за вычетом суммы гарантийного взноса.
За информацией обращаться в подразделение службы судебных исполнителей Аламудунского района по адресу: гор.Бишкек, ул.Ахунбаева, 119 А, тел.: (0312) 56-58-67. Н-975

Фонд гос. мат. резервов при МЧС КР
осуществляет реализацию без проведения аукциона (в том числе в рассрочку), а также предоставление во временное пользование недвижимого имущества, поступившего в счет погашения дебиторской задолженности путем проведения аукциона, который состоится 10.06.2022 года в 10.00 часов по адресу: г.Бишкек, ул.Московская, 190. Для участия в аукционе необходимо внести депозит на депозитный счет Фонда в размере 10% от стартового размера арендной платы, до 08.06.2022 года.
По всем вопросам обращаться по тел.: (0312) 45-64-15.

№	Наименование имущества	Место расположения	Продажа	Аренда
1	Жилой дом 244,3 м² с з/у 990,0 м²	г.Бишкек, ул.Келечек, 10, д. 34	6 510 000	29 561
2	Жилой дом 44,64 м² с з/у 728,0 м²	с.Аламудун, ул. Заводская, 32	6 260 000	
3	Жилой дом 73,3 м² с з/у 695,0 м²	г.Бишкек, ул. Парковая, 65	7 620 000	8 870
4	Земельный участок мерою 1000 м²	Ыссык-Кульская обл., село Чок-Тал	932 000	-
5	Земельный участок мерою 2000 м²	Иссык-Кульская обл., Жети-Огузский р-н, с. Кытай	332 000	-
6	Жилой дом несдан. в экспл-цию на з/у 305 м²	г.Бишкек, ул. Куренкеева, 319	3 125 000	34 509
7	Кв. барачного типа 63,5 м² с з/у 833,3 м²	г.Балыкчы, ул. Лесная, 8, кв.1	966 000	5 550
8	Жилой дом 119,3 м² с зем/уч 432 м²	г.Бишкек, ул.Маликова, 44	8 088 000	13 123
9	Жилой дом 159,9 м² с зем/уч 423 м²	г.Бишкек, ул. Короткая, 3	4 900 000	19 348
10	Жилой 2-х этаж.дом 187 м² с з/у 1900,0 м²	Чуйская обл., Аламудунский р-н, с.Кок-Жар, ул.Тынчтык, 24	9 650 000	18 124
11	Жилой 2-х этаж.дом 516 м² с з/у 600 м²	г.Бишкек, ул. Фирсова, дом 59	8 115 000	56 760

С/О-200

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Марат уулу Аскатка тиешелүү мамлекеттик акт Ч №109103 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Н-969

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Шалаева Елена Яковлевна код ОКПО 29719290, ИНН 11109195900047 считать недействительным. Н-961

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок (доли) №0084732 выданное Панфиловским районным управлением по землеустройству и регистрации прав недвижимое имущество на имя Бекмухаметовой Гулсины считать недействительным. Н-972

ПССИ по экономическим делам г. Бишкек
ОБЪЯВЛЯЕТ ВТОРИЧНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ
в форме открытого аукциона, на имущество:
- На домостроение, расположенное по адресу: г.Бишкек, ул.Чодронова, д. 50, идентификационный номер 1-01-14-0060-0732, принадлежащий Кочкоровой Гульзине Тайтокуровне, на праве собственности, путем продажи с публичных торгов, установив при ее реализации начальную (стартовую) продажную цену согласно договор о залоге в размере 3 744 000 сом.
Торги состоятся **28 июня 2022 года в 10.00 часов** по месту нахождения имущества.
Для участия на торгах необходимо внести **5%** от начальной (стартовой) продажной цены на депозитный счет ПССИ по экономическим делам г. Бишкек. Центральное казначейство, р/с **4402032100001014**, БИК **440001**, получатель Подразделение службы судебных исполнителей по экономическими делам города Бишкек депозитный счет **4402032100001014**, код платежа **14511200**, ИНН **00405199510158**, назначение **5%** гарантийный взнос для участия в публичном торге.
Организатор торгов судебный исполнитель ПССИ по экономическим делам г. Бишкек Толоев Н.Ж., справки по тел.: (0312) 88-69-05. С/О-200

Каныбек кызы Нуржанга таандык серия №550086 (15.09.2014-жылы берилген) мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-906

Кулбаштыкова Саламат Аскарбековнага тиешелүү мамлекеттик акт №0052323 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Н-967

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации серия НС, номер 107175 ИП Усенов Саламат-арафат Алмазович код ОКПО 30857063, ИНН 23004199201085 рег. номер 01647023 считать недействительным. Н-974

Баткен шаарынын Нургазиев кочесүнүн тургуну Шерматов Мухамедали Абдухалиховичке (24-июль 2013-жылы мам. каттоо тарабынан) берилген серия Ч№456093 сандуу мамлекеттик китеби жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-212

Жакшынын шарапаты...

Ош шаардык “Лотос” үй-бүлөлүк балдар үйүнүн жетекчиси Рахат АМАНОВА:

“БАЛДАРЫБЫЗ БИЗГЕ ЭРКЕЛЕШЕТ, КЭЭДЕ БУК БОЛГОНДО ЫЙЛАШАТ”

Рахат Аманованы адабий сайттын ээси, бир катар чыгармаларга карата сын-пикирлерин соцтармактарга байма-бай жарыялап турган адабият сүйүүчү, тажрыйбалуу тарыхчы мугалим катары билсек, ошол эле учурда балдар үйүнүн жетекчиси катары тааныйбыз.

- Алгач өзүңүз жетекчиликке алган “Лотос” үй-бүлөлүк балдар үйү тууралуу маалымат бере кетсеңиз...

- Рахмат, жогоруда аталган балдар үйүнө жетекчи болгонума бир жыл болуп калды. Учурда карамагыбызда он бала тарбияланат.

Негизи бул үй-бүлөлүк балдар үйү 1998-жылы ар кандай турмуштук шартка байланыштуу кароого муктаж болгон балдарды үй шартында багып, тарбиялоо максатында уюштурулган. Үй-бүлөлүк балдар үйүнүн балдар үйүнөн, интернаттардан айырмасы бар. Бизде балдар толук кандуу үй-бүлө шартында тарбияланат. Кароосуз калган балдар үчүн гумандуу саясатты колдоо максатында СССРде 1980-жылдары жетим балдарды үй-бүлө шартында багуу идеясы келип чыгып, үй-бүлөлүк балдар үйлөрү түзүлгөн болчу. Ош шаарында бул 1998-жылы шаардык кеңештин жана мэриянын колдоосу менен уюшулган. Шаардык бюджеттин эсебинен каржыланат. Биздин карамагыбызда бала багууга чама-чаркы жетпей калган, моралдык же материалдык жактан жабыркаган ата-энелердин кароосуз калган балдары, б.а. жарым жетим же ата-энесиз калган тоголок жетимдер.

- Имараттын ички ремонту, оңдоо-түзөө иштерине каражат табуу маселеси кандай болду?

- Тиешелүү жерлерге балдар үйү капиталдык ремонтко муктаж экендигин айтып, арыз менен кайрылган болчумун. Жергиликтүү администрация жетекчилери капиталдык ремонтко 2022-жылга бюджеттен акча каражатын карап беребиз деп кат жүзүндө жооп беришкен. Бирок ага чейин демөөрчү боло турган адамдар табылып калып, ички ремонтун капиталдык ремонттон өткөрүп бүттүк. Эртерек ремонт жасатканыбыз жакшы болду, 1953-жылы курулган эски фин имараты көп жылдан бери капиталдык ремонттон өтпөй, абалы ушунчалык начарлап кеткен экен.

Ош шаардык билим берүү башкармалыгы да жардамын аяган жок. Анткени, бюджеттен бизге ремонтко бир жылга элүү миң сом эле каралат. Билим берүү башкармалыгы эскирип бүткөн жылыткыч батареяларды жана электр түйүндөрүн толугу менен монтаждап, ремонт жасап берди. Имаратыбыздын ички капиталдык ремонту аяктаган соң, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын жана шаардык тургундардын демөөрчүлүгү менен эмерек, төшөнчү, идиш-аяктарына чейин жаңырттык. Учурда имараттын сыртын колдон келишинче аз-аздап ремонттоп жатабыз. Азыр кудайга шүгүр, балдарыбыз жакшы шартта жашап жатышат. Элден айланса болот...

- Чыгармачыл адамсыз... Ата-энеден алыс өсүп жаткан, ичинде өксүгү бар аялуу балдар менен иш алып баруу, аларга тарбия берүү иштери сизди канчалык деңгээлде түйшүккө салды экен? Оор болгон жокпу, аялуу балдардын дүйнөсүнөн эмнелерди сезип, эмнени туя алдыңыз деп сурагым келди?

- Ишенесиңби, кээде чыгармачыл адамга да шарт-жагдайга жараша катуурак мүнөз күтүүгө туура келет экен, антпесең айрым иштерди жөнгө салуу оор. Жогоруда имарат менен жашоо шарттын жакшырганы тууралуу айтып өтсөм, эми балдар тууралуу да билгиң келди окшойт. Биздин карамагыбызда бой жетип келе жаткан балдар-кыздар бар, мен жетекчи болуп келген туштa алар өзүм билемдик мүнөз менен бир топ чектен чыга баштаган учуру экен, балким буга алардын “өткөөл куракта” экени да себеп болгон чыгар. Айрымдары менен жекече сырын тартып сүйлөшүп, айрымдарын кадимкидей катуу көзөмөлүмө алып, айтор бир топ машакатка салган оор учур өттү...

Азыр бир үй-бүлөнүн мүчөлөрүндөй эле балдарыбыздын бизге, биздин балдарыбызга карата ишенимибиз менен жылуу мамилебиз калыптанып калды. Балким, жасалма үй-бүлө түзүү деп бирөөлөр айтышы мүмкүн. Бирок учурда ата-энесиз же кароосуз калган балдарды тарбиялоонун эң гумандуу форматы ушул үй-бүлөлүк балдар үйү экенине ынандым. Анткени, биздин балдар эч кайда кеткиси келбейт. Алардын арасында интернатта дагы, баштапкы типтеги балдар үйүндө дагы, фостердик үй-бүлөлөрдө дагы тарбияланып келген балдар бар. Балдарыбыздын көпчүлүгү орто жана бойго жетип калган өспүрүм курактагы улан-кыздар болгондуктан бардыгын ачык айтышат. Алардын айтымында өздөрүнүн бир боор уясындай сезген үйү ушул үй-бүлөлүк балдар үйү. Мына ушул балдардын уясына айланган үйүбүздөн эч кайда кеткиси келбейт. Балдарыбыз бизге эркелешет, сырын айтышат, кээде бук болгондо ыйлашат...

- Коомдук иш-чараларга колдон келишинче салымыңызды кошуп келесиз. Маданий, адабий турмуштан да четте калбай КМБ адабий сайтындагы ишмердүүлүгүңүздү жүргүзүп, ар кандай иш-чараларга тээ Оштон бери келип катышып, кээде уюштуруп турасыз. Адабият сиз үчүн...

- Адабият мен үчүн улуу илим. Адамды таанып-билүүдө адабияттан ашкан илим барбы? Адам – Жараткандын улуу табышмагы. Ал эми адабият – адамды изилдеп, жазып, окуп, таанып-билүүдөгү илимдердин атасы. Адам өзүн таанып-билип үйрөнүү үчүн, өзүн агартып туруу үчүн, адамдык касиетин туу тутуп жашашы үчүн адабият керек.

Акын-жазуучулар ушул улуу миссияны татыктуу аркалаганга милдеттүү экенин билет. Ошон үчүн кандай заман болбосун, алтургай, азыр бизде китеп анча окулбай калган заманда деле акын-жазуучулар чыгарма жаратып, бар-жок дебей миссиясын татыктуу өтөп келатат. Анан ушундай улуу агымдан четте калууга мүмкүнбү? Жок, мүмкүн эмес. Каныңда чыгармачылык ойноп турган адам мындай процесстен четте калбайт. Андыктан, азыркы заманда адабият үчүн кымындай пайда келтирсем экен дейм. Тээ четте сынап карап олтурбай, чыгармачыл журт менен болгум келет.

- Кээде айрым чыгармачыл инсандардын чыгармачылыгына карата жазылган өтө курч сын-пикирлериңизди, макалаларыңызды окуп турабыз. Өз оюңузду жымсалдабай түз айтуу сизге оор эмеспи?

- Негизи адам калыстыктан тайбаш керек, өзгөчө адабиятта жымсалдабай түз сүйлөө бүгүнкү күндүн талабы. Себеби, кайсы учурда болбосун адабияттагы өсүүнү, алдыга карай жылууну түз айтылган сын-пикирлер жөнгө салат. Түз айтылган сынды да ар ким ар кандай кабылдайт, бирөө туура кабыл алып, кайра башка чыгармаларына пикир айтууңду суранат. Айрым авторлор тескерисинче жаман көрүп, жактырбай калышат. Бирок бир байкаган нерсем – чыныгы чыгармачылыкка дил төшөгөн, адабиятта жашайын, өсөйүн деген авторлордун көбү сын-пикириңди астейдил кабыл алып, кайра сага болгон кызыгуусу артып, улам-улам чыгармаларын жиберип пикир угуп турушат. Алар үчүн өз чыгармаларына карата айтылган сын-пикир ачуу-таттуусу менен кошо кызык...

- Ушул бүгүнкү турушуңуздагы акыл-тажрыйбаңыз, билимиңиз, жашоого карата калыптанган көз карашыңыз менен кошо кайра баштан жаралуу мүмкүнчүлүгү берилсе такыр башка бийиктиктен табылчудай сезилет экенсиз?

- Сөз жок... Эгер ошондой мүмкүнчүлүк бериле турган болсо, мен башынан баштап эле адабиятта жашамакмын. Анан кыргыз бойдон калууну каалайт элем, азыркы турушумда мага эң бир жаккан нерсем – өзүмдүн кыргыз экендигим.

Махабат АЛЫМБЕК кызы

■ Дени сак улут

СПОРТ – ЗАМАНБАП ШАРТТА ӨНҮГҮҮГӨ МУКТАЖ

Жакында Ташкент шаарында Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө мамлекеттердин дене тарбия жана спорт боюнча министрликтеринин жана ведомстволорунун жетекчилеринин катышуусунда жыйын болуп өттү. Ага Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Азамат Жаманкулов катышты.

Жыйындын катышуучулары достук жана өз ара түшүнүшүү менен заманбап шарттарда спортту өнүктүрүү жаатындагы кызматташууну өнүктүрүү маселелерин, спорттук инвентарларды, кийимкечелерди жана керектүү шаймандарды биргелешип чыгаруу боюнча долбоорлорду ишке ашыруунун келечегин талкуулашты. Ошондой эле жыйындын жүрүшүндө ШКУ алкагында улуттук жана этникалык спорттун түрлөрүн жайылтуу менен эл аралык спорттук туризмди колдоо, калк арасында сергек жашоо образын жайылтуу боюнча тажрыйба алмашуу, өсүп келе жаткан жаш муунду спортко тартуудагы ири долбоорлорду ишке ашыруу маселелери жана милдеттери жөнүндө сөз болду.

Жолугушуунун жүрүшүндө ШКУнун алкагында спорт жаатындагы жарыштар, оюндар үзгүлтүксүз, жогорку деңгээлде уюштурулуп, өтүп жаткандыгы айтылды. Ага мисал катары Кытайдын Куньмин, Кыргызстандын Чолпон-Ата шаарында өткөн иш-чаралар айтылды. Жыйындын соңунда ШКУга мүчө мамлекеттердин спорт боюнча министрлеринин, жетекчилеринин кезектеги жыйынын 2023-жылы Индияда өткөрүү боюнча чечим кабыл алышты. Ошондой эле Азамат Жаманкулов аталган жыйындан сырткары Өзбекстандын спортту өнүктүрүү министри Адхам Икрамов менен жолугуп, эки өлкөнүн спортту өнүктүрүү боюнча мындан аркы биргелешкен иш-аракеттерин талкуулашты.

■ Өндүрүшү жок өлкө өнүкпөйт

ӨНҮГҮҮГӨ САЛЫМ КОШКОН “МАТКАСЫМ”

Борборубузда үй тиричилигине керектелүүчү буюмдарды чыгара турган "Маткасым" заводу ишке кирди. Россия-Кыргызстан өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланган бул ишкана бүгүнкү күндө үй тиричилигине керектүү буюмдарды чыгарган Борбор Азиядагы эң ири завод болуп саналат. Анда телевизор антеннасы, кир жайгыч, үтүк такталары, темир корпустар жана ар кандай жеңил өнөр жай товарлары өндүрүлүп чыгат. Аянты 2,5 гектарды ээлеген заводдо 150гө жакын жаран жумуш менен камсыз болду.

Разия ЖООШБАЕВА

ОАО «ГРУППА К51»

сообщает об изменении доли в уставном капитале дочерней компании ОАО “Ками Моторс”.

ОАО “Группа К51” изменилась доля в уставном капитале ОАО «Ками Моторс».
*Доля до изменения составляла **89,395%** от уставного капитала (**91183** простых именных акций).*
*Доля после изменений составляет **89,396%** от уставного капитала (**91184** простых именных акций).*
*Дата, с которой произошли изменения – **20 мая 2022 г.***
*Номинальная стоимость **1 акции – 1 сом.***

ОАО «КАМИ МОТОРС»

сообщает об изменении доли владельцев 5 и более процентов.

ОАО “Группа К51” изменилась доля в уставном капитале ОАО «Ками Моторс».
*Доля до изменения составляла **89,395%** от уставного капитала (**91183** простых именных акций).*
*Доля после изменений составляет **89,396%** от уставного капитала (**91184** простых именных акций).*
*Дата, с которой произошли изменения – **20 мая 2022 г.***
*Номинальная стоимость **1 акции – 1 сом.***

«АВТОУСЛУГИ» ААК

2022-жылдын 14-июнунда саат 13.00дө Чүй облусу, Сокулук району, Шопоков шаарындагы Футболная көчөсү 1, дарегинде акционерлердин жылдык жалпы кезексиз чогулушу боло тургандыгын маалымдайт.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.
2. Чүй облусунун Сокулук районундагы Романовка айылынын Тойбаев көчөсү, 1 дарегинде жайгашкан жер участкасын сатуудан түшкөн акча каражаттарын бөлүштүрүү жөнүндөгү чечимди кабыл алуу.

Акционерлерди каттоо **саат 12.00дөн 13.00гө** чейин.

Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2022-жылдын 1-июну**.

Телефон: (0553) 54-85-03.

Чогулуштун материалдары менен акционердик коомдон таанышууга болот.

Акционерлердин өзүлөрүндө паспорту, ал эми акционерлердин өкүлдөрүндө жана юридикалык жактарда тастыкталган ишеним кат жана паспорту болууга тийиш.

ОАО «АВТОУСЛУГИ»

извещает, что 14 июня 2022 года в 13.00 часов по адресу: Чуйская обл., Сокулукский р-н, г.Шопоков, ул.Футбольная, 1 состоится внеочередное общее собрание акционеров.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Утверждение состава счётной комиссии.
2. Принятие решения о распределении денежных средств, полученных от продажи земельного участка по адресу: Чуйская область, Сокулукский район, село Романовка, улица Тойбаева, 1А.

Регистрация акционеров **с 12.00 до 13.00 часов.** Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании **1 июня 2022 года**.

Телефон: (0553) 54-85-03.

С материалами собрания, можно ознакомиться в акционерном обществе. Акционерам необходимо иметь при себе паспорт, а представителям акционеров и юридических лиц – оформленную доверенность и паспорт.

ПССИ АКСЫЙСКОГО РАЙОНА

ОБЪЯВЛЯЕТ ВТОРИЧНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ
по реализации недвижимого имущества

Жил. дом с земельным участком расположенный по адресу: Аксыйский район, г. Кербен, уч. Ак-Добо по ул. Камбарова №3/3 идентификационный код №3-03-01-1003-0768 принадлежащий Ташбаева Омуралы Ашыровича.

Начальная стартовая цена - 1 080 000 сомов.

Торги состоятся в **14.30 часов 24 июня 2022 года** по месту нахождения имущества. Желающие принять участие на торгах до начала торгов обязаны внести гарантийный взнос **5%** от стартовой цены на депозитный счет ПССИ Аксыйского района в "РСК Банк". Участник выигравший торги должен в течение пяти дней после торгов внести сумму (покупную цену) за вычетом суммы ранее внесенного гарантийного взноса. Гарантийный взнос участника, выигравшего торги, но не оплатившего покупную сумму, поступает в доход государства.

За справками обращаться в ПССИ Аксыйского района или по тел.: (03742) 5-06-43, (0771) 77-12-07.

Д-17

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ ТӨМӨНКҮ БАГЫТТАР БОЮНЧА АЧЫК СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ:

- **Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмүнүн китепканачысы бош турган кызмат ордуна талапкерди тандоо үчүн – 1 бирдик;**
- **Улуттук банктын Ош областтык башкармалыгынын эсеп боюнча адистиги бош турган кызмат ордуна талапкерлерди тандоо үчүн – 1 бирдик.**

Документтер **2022-жылдын 6-июнунда саат 17.00гө** чейин кабыл алынат.

Сынакка катышуу үчүн талапкерлерге карата талаптар, алардын функционалдык милдеттери жана тиешелүү документтердин тизмеси Улуттук банктын **www.nbkr.kg** дареги боюнча сайтында («Ишке кабыл алуу»/ «Бош турган кызмат орундары») жайгаштырылган.

Бардык суроолор боюнча төмөнкү дарек боюнча кайрылууга болот:

- **Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Персонал менен иш алып баруу бөлүмүнүн **№117/1** бөлмөсүнө же **(0312) 61-10-21, (0312) 66-90-18** телефондору аркылуу;
- **Ош шаары, Ош областтык башкармалыгына** кайрылсаңыздар болот. Дареги: **Курманжан Датка көчөсү, 119,** телефону: **(03222) 4-81-93, (0552) 02-14-10** телефондору аркылуу кайрылууга болот.

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Жалал-Абад областынын Ноокен районуна караштуу «Манзини Инвест Кредит» кредиттик союзуна тиешелүү №3-04-03-0007-0030 сыр белгиси менен катталган жер участогунун (үлүшүнүн) жеке менчик укугу жөнүндө күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-960

Жалал-Абад областынын Ноокен районуна караштуу «Манзини Инвест Кредит» кредиттик союзуна тиешелүү №3-04-07-0011-0035 сыр белгиси менен катталган жер участогунун (үлүшүнүн) жеке менчик укугу жөнүндө күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-960

Ашимов Токторбайга таандык Сузак районунун Көк-Арт айыл өкмөтүнө караштуу Жерге-Тал айылындагы турак жайынын жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы Ч №505857, идентификациялык коду 3-05-05-1003-0379) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-17

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Керимова Айпери Керимовна код ОКПО 29594517, ИНН 12309199201159 считать недействительным.

Н-966

В связи с утерей инвентаризационное дело частной собственности код 7-03-08-1001-0723 ул.Ленина, 67 на имя Шамбетовой Батыш считать недействительным.

Н-964

В связи с утерей свидетельства на земельную долю №358 на имя Маджидова Абдулмаджида Абдулгамидовича считать недействительным.

Н-965

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Даниленко Валентина Ивановна код ОКПО 24632294, ИНН 11507194100463 считать недействительным.

Н-963

Приглашение для участия в конкурсе по отбору организации для поставки медицинского оборудования для Национального госпиталя при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики

Общественный фонд «Фонд социального партнерства по развитию регионов» (далее - Фонд)

ПРОВОДИТ КОНКУРС

по отбору организации поставки медицинского оборудования Национальному госпиталю при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики:

- **Лот №1: Лапароскопическое оборудование;**
- **Лот №2: Эндоскопическое оборудование;**
- **Лот №3: Оборудование для до-комплектации аппарата ESG 400;**
- **Лот №4: Стерилизатор;**
- **Лот №5: Мобильная рентген дуга;**
- **Лот №6: Операционные хирургические столы.**

Конкурсная документация на русском языке может быть приобретена заинтересованными участниками конкурса после оплаты в кассу Фонда или оплаты на расчётный счет Фонда (номер счета будет направлен на электронную почту по запросу).

Конкурсная документация будет выдана по нижеуказанному адресу.

Стоимость конкурсной документации – 5000 сом.

Конкурсные предложения должны быть доставлены по указанному ниже адресу не позднее **15.00 ч. 7 июня 2022 года.**

Стоимость указанная в конкурсных предложениях должна включать в себя уплату всех расходов (уплата налоговых платежей, таможенных пошлин, доставка до склада в Чуйской области и др.).

Все предложения должны сопровождаться Банковской гарантией на участие в конкурсе в размере 2% от суммы предложения или обеспечение исполнения заявку путем перечисления указанной суммы на расчётный счет Фонда.

Электронные заявки не допускаются. Заявки с опозданием будут отклонены.

Заинтересованные участники конкурсного отбора могут получить дополнительную информацию в Фонде по адресу указанному ниже **с 9.00 до 18.00 ч.** в рабочие дни.

Адрес: Общественный фонд «Фонд социального партнерства по развитию регионов»
г. Бишкек, ул. Токтогула, 125/1, Башня Б, кабинет 1103
Телефон: +996 (507) 83-71-30
Адрес электронной почты: fond.sprr@gmail.com

Н-971

ОАО «АВТОУСЛУГИ»

юридический адрес: Чуйская обл., Сокулукский р-н, г.Шопоков, ул.Футбольная, 1, KG 0101043824,

НАСТОЯЩИМ УВЕДОМЛЯЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

23 мая 2022 г. Джумабаев Н.Д. *получил согласно свидетельству о наследовании от* ***Джумабаева Д.Э. 8219*** *простых акций, общей номинальной стоимостью* ***40243 сом****, доля в УК* ***6,63%.***

ООС «ПРИБОРИСТ»

12 июня 2022 года в 13.00 ч. возле здания Правления состоится Общее собрание членов ООС «Приборист».

НА ПОВЕСТКЕ ДНЯ:

1. Отчет Правления за периоды: 4-й квартал 2020 года, 1-4 кварталы 2021 года, 1-2 кварталы 2022 года.
2. Бюджет на 2022 год.
3. Выбор членов правления.
4. Выбор ревизионной комиссии.
5. Разное.

Начало регистрации **с 12.00 до 13.00 часов**. При себе иметь паспорт, книжку члена ООС «Приборист», при участии по доверенности - иметь нотариально заверенную доверенность с актуальными сроками действия.

Правление ООС «Приборист»

Н-970

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Иванов Владимир Петрович код ОКПО 29719172, ИНН 22008195500657 считать недействительным.

Н-962

"ТОКТОМ" Маалымат борбору "ТОКТОМ" 5.0 маалымат базаларынын жаңы версиясын чыгарды

"ТОКТОМ" 5.0 маалымат-укуктук базасы – бул:

- КР ченемдик актыларынын толук базасы;
- ыңгайлуу жаңы издөө;
- КР мыйзамдары боюнча жаңылыктардын анонсу;
- юридикалык форумга жеткиликтүүлүк;

кесипкөйлөрдүн ишин ыңгайлуу жана эффективдүү кылуучу жана башка дагы көп функциялар.

ТОКТОМ

тел.: +996 (312) 54-10-27
http://www.toktom.kg
e-mail: info@toktom.kg

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы банктык текчелерди сатып алуу боюнча ачык республикалык сынак өткөрөт.

Сынак боюнча документтер **Бишкек ш., Т.Үмөталиев көчөсү, 101 дареги боюнча 2022-жылдын 8-июнунда саат 17.00гө** чейин берилет.

Сынакка чейинки конференция катышуучулар үчүн **2022-жылдын 2-июнунда саат 15.00дө** видеоконференция байланышы режиминде өтөт. Конференцияга катышуу маселелери боюнча техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **Бишкек шаары, Чүй пр., 168** дареги боюнча **2022-жылдын 13-июнунда саат 15.00гө** чейин кабыл алынат.

Белгиленген убакыттан кийин тапшырылган сунуштар кабыл алынбайт жана кароого алынбайт.

Сынак боюнча сунуштар салынган конверттер **2022-жылдын 13-июнунда саат 15.00дө** каралат.

Уюштуруу маселелери боюнча +**996 (312) 61-52-83** телефон номери же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.

На основании заявлении граждан, Государственный природный парк «Чон-Кемин»

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС

для передачи в аренду из земель, Нижне-Кеминского, Быстровского лесничества в кварталах №17, 19, 20, 30, 31, 32 для озеленения, рекреационных целей и для развития туризма.

Заявки принимаются до **24.06.2022 г.** по адресу: **село Торт-Куль, ул.Ч.Айтматова №17 в администрации ГПП «Чон-Кемин».**

По вопросам обращаться по тел.: (0701) 55-51-94, (0701) 55-51-83.

Н-959

ОАО «Бишкекский мелькомбинат»

адрес: г.Бишкек, ул.Кулиева, 2

СООБЩАЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

18.05.2022 года Чыныбай уулу Эржан
*получил в дар **0,01%** акций Общества, в результате чего у него стало **67,2301%.***

Специальный администратор ОсОО «Авиньен»

Объявляет повторный открытый аукцион по продаже имущественных активов должника со снижением стартовой стоимости лотов на 10%.

На аукцион выставляется следующее имущество ОсОО «Авиньен»-банкрот:

№ лота	Наименование	Местонахождение	Техническое состояние	Стартовая цена (сом)
1	Незавершенное строительство (понизительная подстанция ПС 220/35/10 квт ДС «КФЗ»), в том числе: -Установленный трансформатор типа SFSZ11-125000-220/35/10 мощностью 125 МВА; -Оборудование ЗРУ 35/10кВ (ОПУ); -Оборудование ОРУ – 220 кВ. (частично смонтированное, частично подготовленное к монтажу).	Кыргызская Республика, Джалал-Абадская область, г.Таш-Кумыр, Промзона 2, на строй площадке КФЗ.	хорошее	177 138 338,00
2	Незавершенное строительство (здание плавильного цеха из металлоконструкций и незавершенный корпус плавильной печи SiAlFe -12,6 МВА с оборудованием) в том числе: - Комплект оборудования металлоплавильной печи SiAlFe 12 МВА с обустройством основания печи, монтажом металлоконструкций, футировкой печи; - Трансформатор марки HKSSPZ-12600/35	Кыргызская Республика, Джалал-Абадская область, г.Таш-Кумыр, Промзона 2, на строй площадке КФЗ	Удовлетворительное	76 731 187,00
3	ТМЦ «КФЗ»: - ТМЦ по инвентаризационной описи №1 всего 91 (девяносто одно) наименование; - ТМЦ по инвентаризационной описи №2 всего 34 (тридцать четыре) наименования.	Кыргызская Республика, Джалал-Абадская область, г.Таш-Кумыр, Промзона 2, в офисе ДС КФЗ и на строй площадке КФЗ	нормальное	2 414 475,00

Аукцион состоится в **14.00 часов 7 июня 2022 года** по адресу: **Джалал-Абадская область, г. Таш-Кумыр, Промзона 2, офис ДС «КФЗ».** С характеристиками и техническим состоянием имущества можно ознакомиться во время их осмотра. Осмотр имущества производится по месту нахождения имущества ежедневно **с 9.00 до 17.00 час.** Для участия в аукционе необходимо подать заявку и внести гарантийный взнос в размере **10%** от стартовой стоимости лота на р/с **1030120000162306** ОАО КБ «Кыргызстан», БИК 103001 или в кассу ОсОО «Авиньен»-банкрот. Заявки принимаются до **14.00 часов 6 июня 2022 года** по адресу: **г. Бишкек, ул.Киевская, 96А, кабинет 708.**

Справки по тел.: (0552) 06-80-69, (0501) 06-80-69.

Н-950

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Quantum Scalar i500 тасма китепканасынын техникалык колдоосун сатып алуу боюнча ачык республикалык сынак өткөрөт.

Сынак боюнча документтер **Бишкек ш., Т.Үмөталиев көчөсү, 101,** дареги боюнча **2022-жылдын 9-июнунда - саат 17.00гө** чейин берилет.

Сынакка чейинки конференцияга катышуучулар үчүн **2022-жылдын 3-июнунда саат 15.00дө** видеоконференция байланышы режиминде өтөт. Конференцияга катышуу маселелери боюнча техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **Бишкек шаары, Чүй пр., 168** дареги боюнча **2022-жылдын 14-июнунда саат 15.00гө** чейин кабыл алынат.

Белгиленген убакыттан кийин тапшырылган сунуштар кабыл алынбайт жана кароого алынбайт.

Сынак боюнча сунуштар салынган конверттер **2022-жылдын 14-июнунда саат 15.00дө** каралат.

Уюштуруу маселелери боюнча +**996 (312) 61-52-83** телефон номери же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок (доли) №073256 и №073239 (от 03.09.2003 г.) на имя Сулайманова Эрназара Джекшеновича считать недействительным.

Н-941

В связи с утерей договор аренды №4-2120 от 01.11.2006 года, удостоверение право временного пользования (от 31.10.2006 года) №029389 ОсОО "Тм-Орлан Групп" считать недействительным.

Н-956

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Тюлькиева Наталья Владимировна код ОКПО 30331838, ИНН 12911197900410 считать недействительным.

Н-957

Кадамжай районунун Халмион айыл өкмөтүнүн Көктал айылында жайгашкан Эрматов Нурсейит Алиевичке тиешелүү 8-02-15-1005-0258 идентификациялык коду менен катталган жер участогуна берилген сер. Ч №528662 мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-069

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей серия АБ№02448 (от 05.01.1999 г.), код 4-2-17-48 на имя Кенжетаева Жаныбека считать недействительным.

Н-958

Эркин-Тоо
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
АЛЕНОВ
Бахпурбек
Абдыкарович

Кабылдама
62-38-75

Башкы редактордун милдетин аткаруучу
КАРБОСОВА Жазгүл – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары
ДЫЙКАНОВА Жылдыз – 62-38-78

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл - 62-38-71

Бөлүмдөр:

Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27

Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-38-71

Веб-сайт – 62-18-64

Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71

Башкы эсепчи – 62-38-73

Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма №453. Нускасы 5936
Басууга 23.05.2022-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Асылзат

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Шайыр КАСЫМАЛИЕВА:

“КЕРЕМЕТ КЕЗ КӨЗ АЛДЫМАН ӨТТҮ...”

Шайыр Касымалиева кичинесинен теле жаатында иштеп, театр жана кино тармагында таанылып, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон көрүнүктүү актрисалардын бири. Анын сулуу жүзү, келишкен келбети көрөрмандарды далай суктандырган. “Сыр аяктын сыры кетсе да сыны кетпейт” дегендей дале ажарлуу, дале так секирип бийлеп элдин назарында.

АСЫЛЫМ АПАМ

Апам өмүрүмдөгү эң кымбат асыл адамым эле. Балдарына эч убакта үн көтөрүп урушкан эмес. Кээ бир учурда гана туура эмес кылган ишим үчүн “Ай Шакин!” деп каруумдан оорута бекем кармап, ыйласам үнүндү чыгарба деп олтургузуп койчу. Бурчка олтуруп ыйлап алганымдан кийин эс алып калчумун. Айрым энелер ачууга алдырып балдарын каргап-шилеп ийишет эмеспи. А менин апам андай сөздөрдү эч убакта айтчу эмес. Кыздар менен эки-жакка чыгып келейин десем, “Ал жакта кандай балдар-кыздар болот, адегенде ойлонуп көрчү” деп айтчу. Мен да ага ынанып барбай койгонум туура го деп олтуруп калчумун. Кээде курбуларым келип, мени менен кошо уруксат сурашчу. Андай учурда кеч калба деп бир убакытты белгилеп койчу.

МАМИЛЕБИЗ КУРБУЛАРДАЙ ЭЛЕ

Атамдан эрте ажырап калдык. Апама жалгыз бой эки баланы чоңойтуш кыйын болгон. Каралашаар ата-энеси, бир туугандары жок. Мен сегиз жашка чыкканымда тайенем каза болуп калды. Ал кезде да искусство жаатындагылардын айлык акылары аз эле. Ошондуктан, бизди элдин балдарынан кем болбосун деп тыным албай эки-үч жумушта иштеди. Көңүлүбүздү көтөрүп, кинотеатрларга көп алпарчу. Индиянын кинолорун абдан жакшы көрчү. Эне-баладай эмес, курбулардай мамиледе жүрчүбүз. Кечки тамакта көпкө чер жазышып сүйлөшүп олтурчубуз. Иним куудул болсо, мыкты артист болмок. Бирөөлөрдү туурап, күлкүлүү окуяларды айтып керелден-кечке үйдө күлкүбүз жаңырып турчу. Алыстан келген курбулары менен таң атканча сырдашып олтурушчу. Кээде ойгонуп кетип, апамдын башынан өткөргөн кыйынчылыктарын угуп жууркандын ичинде көз жашымды төккөн учурлар болду. Эртеси көзүм шишип калчу. Бизге кыйналган учурларын эч убакта билдирген жок. Өзүнүн жүрөгү ооруп турса да бирөөнүн көңүлүн оорутчу эмес.

Апама караганда менде чапчаң кыял бар эле. Атамды тартып калсам керек. Азыр жашым өйдөлөп калганга оор басырыктуу болуп калдым.

Апам адегенде актриса болчу, бизге карап гостролго чыга албай гримдөөчү болуп иштеп калды. Гримдөөчү цехке жетекчи болду. Көз жумаар күнү окуу жайга барып сабак берип келген экен. Инимдин үй-бүлөсү менен тамактангандан кийин аз убакыт өтпөй кете бериптир. Күтүлбөгөн жерден ажырап калдык...

КЕРЕМЕТ КЕЗ...

Кээде залкарлар менен кино тартып жүргөн тээ жаштык кезим эске түшөт. Кечинде кеч келгенибизге карабай, кайрадан күн чыга электе тасма тарткан талааны көздөй жөнөчүбүз. Ошол нерсенин баары мен үчүн кызык болчу. Чарчадым-чаалыктым деп айтчу эмесмин. Кесибимди абдан сүйгөндүктөн, чарчоону билген эмес чыгаармын. Жакында эле “Куш өмүр”, “Кошокчу” кино тасмаларын көрүп, ошол керемет мезгилди бир сыйра көз алдыман өткөрүп койдум. Союз тарап кетип, кино тартылбай калды. Кайра кино жанданган учурда мен апалардын ролун аткарып калдым. Жаштык кезимдин аз гана бөлүгү экранда калды. Ошол гана болбосо, ал учурду эң жакшы сезим менен гана эстейм.

ТҮЙШҮГҮН АРТЫП, СЫЙМЫГЫН КӨТӨРГӨН ӨНӨР ДҮЙНӨ

Театр менен кинонун түйшүгү бирдей эле. Театрда бир спектаклдин үстүнөн 4-5 ай иштейбиз. Ошончо текстти кантип жаттайсыңар деп таң калышат. Бир жерди жүз басасың, бир айтканыңды миң айтасың. Кыймыл-аракеттер менен текст эсте калат. Театрдын жакшы жагы - бүгүн ойногон ролуңа канааттанбай калсаң, кийинки жолу ал кемчилигиңди оңдоп аласың. Кайра канааттанып, өзүңчө маашыраланасың. Ал эми кинодо бир ойнодуң, ошол боюнча калат. Оңдоп кетүүгө кайра мүмкүнчүлүк берилбейт. Негизинен кино менен театрдын түйшүгү бирдей эле. Кино жаратууну кээ бир адамдар оңой ойлойт. Бирок, бир канча секундалык эпизодду тартыш үчүн бир нече убакыт, бир топ энергия кетет. Сырттан карагандар анын түйшүгүн биле беришпейт. Өзүбүз сүйгөн кесиптин түйшүгүн көтөрүп, ырахатын сезип, бардыгына кайыл болуп иштеп келе жатабыз.

МӨМӨЛҮҮ ДАРАК

Мен бирөөнүн акыл айтып үйрөткөнүн эмес, өзүм баарына баам салып өз алдымча үйрөнгөндү жактырам. Актерлор кандай ойнойт, режиссёр кандай талап коюп жаткандыгын көрүп сабак алчумун.

Өзүмдү жылдыз сезип асманда учуп калган учур болгон жок. Анткени апам: “Алдыңкы актриса болсоң, ошого жараша жөнөкөй болушуң керек. Дарактын мөмөсү канчалык көп болсо, ошончолук жерге жакын болот. Канчалык элдин арзуусуна татысаң, ошончо жөнөкөй бол. Бой көтөрүп менменсинбе” деп айтаар эле. Дайыма жөнөкөй болууга аракет кылдым. Ал калыптанып калган мүнөзүм азыркыга чейин калды. Ошентсе да кээ бир учурда деминде болгон нерсе байкабай чыгып кеткен чыгаар. Атактуулук эркиндигиңди чектеп коёт экен. Залакасы тийбей койбойт. Өзүңдүн жашоонду каалагандай жашай албай калат экенсиң. Көп учурда өзүңдү тизгиндеп турууга туура келет.

Ошол эле учурда жаныңа келип учурашкан ар бир адам жакыныңдай туюлат. Анткени, ал сени экрандан, сахнадан көрүп жүрүп жакын адамындай санап калышат. Андыктан мен аларга эч качан муздак мамиле кыла албайм. Алардын мени баалагандыгын кастарлап, жылуу мамиле кылып келе жатам.

Элдин сүйүүсүнө арзуу эч нерсе менен салыштыргыс чоң бакыт. Анткени, ар бир адам эле элдин батасын алып, сүйүүсүнө татый бербейт. Элдин көзүнө илинип келе жатып аркасынан кеткендер жок эмес. Болбосо ошол элдин колдоосу менен кандайдыр бир даражага жетип алган соң, өзү жылдыз болуп жаралып калгандай, элди теңине албай чамгарактап калгандар бар. Эл менен элсиң, алар жок кайдан артист болот элең.

ОКУУЧУЛАРЫМ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАМ

Бала кезимде мугалим болууну самачумун. Беш жылдан бери “Шайыр” актёрдук чеберчилик мектебин ачып, таланттуу балдарды тарбиялап келе жатам. Алардын ийгиликтеринен улам жаман эмес мугалим болдум окшойт. Акырындык менен жетишкендиктерге ээ болуп келе жатабыз. Кээ бир иш жүзүнө ашырам деген кыялдарым орундалбай келе жатат.

Окуучуларымдын көбү эл оозуна алынып калышты. “Жалбыз” деген кино сериалда төрт окуучум тартылды. Кайрадан тартылган “Жамийла” кино тасмасында Жибек деген окуучум роль жаратты. Учурда популярдуу болуп жаткан “Акыркы сабак” киносунда Жоомарт Азимканов деген окуучум башкы каармандардын биринин образын мыкты ачып берди. Андан сырткары Айбийке Жанышбекова пандемия учурун чагылдырган кинодо башкы каарманды ойноп, “мыкты актёрлук чеберчилик” боюнча сыйлыкка ээ болду. Ошондой эле кыздар-балдарым СТВ каналында “Балакай” деген көрсөтүү ачып, иштеп жатышат. Тарткан тасмаларыбызды ошол жактан чыгарып жатабыз. Балдарга арналган сериал тартсак деген эки жылдан берки тилегим бар. Колдоочулар чыгып калса, таланттуу балдар-кыздарым эл оозуна тез эле алынат эле. Анткени алар чоң артисттерден кем калбайт. Чогуу тасма жараткан профессионал артисттерден жакшы сөздөрдү угуп жатам. Бул мен үчүн чоң сыймык.

КӨРӨРМАНДАРДЫН ТАБИТИ

Акыркы жылдарда жаралган тасмаларга сын айтыш мен үчүн туура эмес деп билем. Анткени, алардын үстүндө да жаратмандар, эмгекчилдер иштеп жатат. Тасмалардын тартылып жаткан-ына кубанып жүрөм. Жаңыдан кино тартуу жанданып баштаган учурда бекер тартылып бердик. Анткени, канча жылдан бери токтоп калган кинонун кайрадан чыгып башташы биз үчүн сүйүнүчтүү окуя болгон. “Апамдын махабаты”, “Чиркин өмүр”, “Издейм сени”, “У любви свои небеса”, “Любовь как испытание” сериалдары бүгүнкү күндө классикага айланып калды десем болот. Азыр да жакшы сериалдар бар. Арасында аксагандары да бар. Бара-бара көч түзөлөт дегендей, убакыт өткөн сайын такшалышат. Адам дароо шедевр жаратпайт. Он беш, жыйырма жылдап даярдык көрүп, тажрыйба алган соң гана шедевр жаралат. Жеке ишкерлердин демөөрчүлүгү алдында жаралган коммерциялык тасмалар бар. Алардын жаралыш шарты ар башка. Азыр эл жеңил-желпи тасмаларды көбүрөөк көрүшүп олуттуу көйгөйлөрдү, окуяларды чагылдырган форматка тарбиялана элек. Учурда тартылып жаткан тасмалар көрүүчүлөр эмнени талап кылса, ошону берип жатышат. Бул көрүүчүлөрдүн табитине жараша.

Президент Садыр Жапаров “Улуттук киноиндустрияны өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын кинематографиясын мамлекеттик колдоо системасын мындан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыкка кол койду. Мен абдан кубанычтамын. Буюрса бул тармакты мамлекеттик деңгээлде каржылоо менен мыкты тасмалар тартылат деген үмүттөмүн. Бир убактагы “кыргыз керемети” аталган кинонун доору кайрадан жанданат деген ишенимдемин. Окуучуларымдын өнөрүн колдой турган учур эми келди окшойт. Жаш муунга тарбиялык мааниси зор балдар сериалын тартканга мүмкүнчүлүк болот деп кубанып турам.

ЭЛ-ЖУРТКА ЫНТЫМАК БЕРСИН

Мени тынчсыздандырган нерселер азыркы замандагы мыйзам ченемдүү көрүнүштөр го дейм. Элден пейил качты. Илгерки убак менен азыркы учурду салыштырып болбойт. Мурда адамдар өзгөчө жөнөкөй, жарык эле, бири-бирине эт-бетинен кетип жардам беришчү. Кайсыл улут болбосун айырмасы жок болчу. Азыр улутка бөлүнмөк түгүл ич ара келишпей кетебиз. А түгүл бай-кедей болуп бөлүнөбүз. Адамдын адамдык касиети азайып, дүнүйөкорлук, өзүмчүлдүк басым алды. “Бөдөнөнү сойсо да касапчы сойсун дегендей” саясатчыларды сындабайм. Болгону элибизге ыйман, ынтымак, жетекчилерибизге нысап бер деп Кудайдан тилейм.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА